скырп
С14

Махабат Саидрахманова

# Шаардагы жаз



Скырг
С 14

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ, СПОРТ ЖАНА ЖАШТАР САЯСАТЫ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУ

**МАХАБАТ САИДРАХМАНОВА**

# ШААРЧАДАГЫ ЖАЗ

*(Аңгемелер)*

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487057

«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2024

УДК 821.512.154-3
ББК 84 (5 Кир)-44
С 14

*Китеп Кыргыз Республикасынын Президенти С. Н. Жапаровдун колдоосу менен жарык көрдү*

**Редакциялык жамаат:**
Калыбеков Нурлан – жетекчи
Абакиров Мелис
Алахан Садык
Кадыракунов Керимбек
Станалиева Гүлзада
Үкүбаева Лайли
Эгембердиева Аида

**Саидрахманова Махабат.**
С 14 **Шаарчадагы жаз:** Аңгемелер. Б.: «Улуу Тоолор», 2024. – 112 б.

ISBN 978-9967-492-56-1

Жаш прозаик Махабат Саидрахманованын бул чакан жыйнагына анын 10 жаңы аңгемеси кирди. Ар бир чыгармадан автордун жазуучу катары кыйла эле такшалып калганы байкалат.
Китеп окурмандардын калың катмарына арналат.

**УДК 821.512.154-3**
**ББК 84 (5 Кир)-44**

ISBN 978-9967-492-56-1

© КР Улуттук жазуучулар союзу, 2024
© Саидрахманова М., 2024.

## АКТРИСА

Кеч күз. Суук түшүп калды. Үшүгөнүнө карабай терезесин кенен ачып коюп, анын эскилиги жеткен жыгач алкагына сүйөнүп, короодо чуру-чуу түшүп ойноп жаткан бала-чакага назарын салып көпкө турду. Акыркы күндөрү бул көрүнүш аялдын жашоосунда адатка айланып барат.

Тээ бир топтон кийин «шуу» үшкүрүнө терезесин жапты да, акыл-эсине баш ийе бербеген бир сезимге жетеленип, күзгүнүн алдына барып калды. Күзгүсү кооз, бышык, анан калса чоң күзгү. Ушул эскирбей койду такыр, четтериндеги алтын түстүү, оймо-чиймелүү алкагы күнү бүгүнкүсүндөй жалтырайт да турат. Өзүнчө эле шаан-шөкөттүү. Кудум ушул үйдүн ханышасындай болуп менменсийт. Таажысын кийип алып, үй ичинде өз бийлигин жүргүзүп отурган немедей койкоёт. Күзгүнүн маңдайында ойлуу турган аялдын манжалары өзүнөн-өзү көз астындагы кат-кат бырыштарын аяр да, аяй да сылап, өз жүзүнө өзү мелтирей тигилди. Ушул тапта күзгү аны карап мыйыгынан жылмайгансыды.

Качандыр бир учурда өзү ушул күзгүнү наздана, менменсине, текебердене тиктечү эле. Мыйыгынан жылмайып, ойкуштап он түрлүү өзгөрүп, ойноктоп карачу күзгүгө. Жаштыгына сулуулугу, сымбаты жарашып гүлдөй болуп кулпуруп, күн сымал жадырап-жайнап кетчү. «Анда

күзгү да жаш эле – деп ойлоду аял. – Мен сулууланып түрлөнсөм, бул деле кошо коoздонуп, түрлөнүп турчу эмес беле? Эми унчукпай мелтиреп турганын карасаң?.»

Түркүн-түстүү бет боёктордун уусуна жедеп ууланып бүткөн, азыр боёкту кабыл алууга деле шайы келбей калган бырыштуу кунарсыз жүзүнө, купкуу эриндерине, чарчаган көздөрүнө кейий тиктеп турду. Эми бу бетке боёк сүртүүнүн деле кажети жоктой. Ушул керектен чыккансыган кунарсыз жүзү учурунда өзүнө аёосуз кызмат өтөгөн экен.

Оо, ал кезде агы ак, кызылы кызыл болуп чырайына чыгып турган учуру. Жаратылыш берген чырайы аз келгенсип үстүнөн жабылган боёкту айт. Боёк жабылган сайын сулуулугу дагы арта түшүп, өзүнө суктанган, таңданган көздөргө оолжуй карачу тура. Ичинде эркелик бар эле. Жашоого, тагдырына, керек болсо адам аттуунун баарына эркелеген сезим бар эле. «Дүйнө карегим менен тең айланат, жашоо меники» дечү эмес беле!

Эми ойлосо маңдайга бүткөн ошол сулуулугу, таланты аны менен кошо келген атак-даңкы, сүйүүсү адам тагдырындагы «бири кем дүйнө» дегенди жокко чыгарып турчу экен.

Анын ушул оюн окуп тургансып каршысындагы күзгү: «А сен ошондо өз турпатыңдан адамдык ички туюмуңду эмес, сулуулукту гана көрчүсүң. Өз ичиңде аял, тагдыр-ташпиши бар адам жашаганын сезүүгө сага адамдар мүмкүндүк берген жок, өзүңдө деле убакыт болгон жок да. Сага кошулуп айланаңдагы адам аттуунун баары сени бир ооздон «Искусство үчүн гана жаралган керемет» деп атаган. Эсиңдеби?! Чындыгында туура айтылган сага татыктуу сөз. Бирок ал өз мезгилинин гана туура сөзү эле.



А сен, ансыз да келберсиген жаның бир өмүр ошентип дуулдап турчудай болуп «искусство», «сулуулук» деген сөздөрдү гана эстеп калдың».

Аял терс бурулуп кетти. Бу күзгүнү аягына чейин чыдап угуу мүмкүн эместей.

– Өткөн кез өттү, эч нерсеге кейибейм, ошондой болуш керек болчу, башкача болууга мүмкүн эмес эле – деп өзүнчө күбүрөнүп алды.

Ушул күзгү жаркырап, бөлмөсүнүн бир капшытын ээлеп алганы аз келгенсип, кийинки күндөрү кыбыр эткендин баарын, жада калса ойлогон оюн да чагылдыра берчү болду. Ээ, күзгү болбосо жерге кирсинчи. Кичине эшикке басып сейилдеп келсе не болот? Ырас эле. Шашып кийимин алмаштыра баштады. Заматта даяр болуп, өзүн бир карап коюу үчүн дагы күзгүнүн маңдайына келип калганын байкабаптыр. Бул жолу да күзгү күлгөнсүдү:

– Кейпиң кантет, каякка жөнөдүң, өзүңчө эле графинядай койкоңдоп?

Чын эле... Күзгүнүн оюна ушул ирет макул болду. Тим эле образ жаратчудай болуп, азем кол чатыры, саркеч ийин жапкычы, кооз шляпасы... Чын эле ушул түрү менен каякка бармакчы? Сахнага чыга тургансып...

Сагынды сахнаны... Куттуу сахнада кимдердин гана образын жараткан жок. Ханышанын, күңдүн, жесирдин, эненин, көңүлдөштүн, бактылуунун, бактысыздын койчу деги. Ал жаратпаган кейипкер калган жок го. Сахна турмушунда бардык образды жаратканы менен бул жашоодогу өзүнүн образы ачылбай көшөгөнүн артында калган тура.

А бул турмуш болсо такыр эле сахнага окшошпойт экен. Кайда барсаң бири-бири менен иши жок, кыжы-кый-

ма, тартышкан, түртүшкөн эл. Улуулугуңду, сулуулугуңду, талантыңды, эмгегиңди капарына албаган көпчүлүктүн шары... Сенин бар-жогуңду да байкабайт керек болсо.

Сенин дооруң да, театрыңдын доору да алда качан бүткөн. Сени даңктап, талантыңа таазим кылгандын баары улуу муундун өкүлү болчу. А азыр эч кимди театрың менен да, талантың менен да таң калтыра албайсың.

Качандыр бир театрда ойногон ролдоруң, трагедия, комедияларың азыркы турмуш аттуу чоң сахнанын алдында суу кечпейт...

* * *

Ошондон көп өтпөй тойго чакыруу алды. Курбусу алтымыш жылдык маараке тоюн ресторанда белгилейт экен. Алгач аялдын тойго баргысы деле келген жок. Бирок өмүрүндө бир жолу жакшылык көрүп ушинтип той берип отурган шоркелдей курбусун аяп, акыры бара турган болду.

Аны аяганынын да жөнү бар. Бечара курбусу ал билгенден жакшылыктуу күн көргөн жок. Канча ирет күйөөсүнүн кордугуна кабылып, качып келбеди, арыз-муңун айтып ыйлабады... Аны аяп, ичинен ошондой тагдырга туш келип калбаганына миң жолу шүгүр келтирчү. Ар качан колунан келген жардамын аячу эмес. Эми минтип ошол курбусу тойго чакырып атса, кантип барбайт? «Өмүрүндө биринчи жолу жакшылык көрүп атса, барбай эмне?» деп ойлоду.

Той деген той. Кызыл-тазыл кийинген, чач жасалгалары кулпурган кыз-келиндер. Баары бактылуу, шайыр, сулуу. Аялдын ой-кыялы алда-кайда чабыттап кетти. Чабыттаганда да китептерден окуган, кээде сахнада ойногон, илгерки «жогорку чөйрөнүн» аялдарын көз алдына



элестетип алды. Анан айланасындагы жасанган аялдарды тиктеп туруп: «Алар го алар. Алардын дайымкы жашоосу ошондой эле, а мына бул биздин аялдарчы?.. Бир күн, болгону бир күн өздөрүн сулуу сезип, кадырлуу аял сезип чачылып, чабылышат. Эртеси баягы күлала кейпин кийип, кайра эле түмөн-түйшүктүү турмушу менен алышат. Кана эми, ушул аялдар да ар дайым эле азыркыдагыдай шайы көйнөкчөн, шайыр, бактылуу турмушта жашашса...» – деп ойлоду.

Тойдо аялды тааныган адамдар урмат-сый менен учурашты. Кантсе да бир учурдун белгилүү, атагы калайыкка тегиз жеткен, сулуу актрисасы эмес беле. Көпчүлүктүн ичинде анын таланты менен сулуулугуна таазим этип, чогуу сүрөткө түшчүлөр да арбын экен. Не деген менен дымагы бийиктеп калды. Ичинде өзүнө-өзү батпай толкуп турду.

Той жубайлардын чогуу жашаган кырк жылга чамалуу жашоосундагы өрнөктүүлүгүн, ынтымак-ырашкерлигин, үлгүлүү ата-эне экендиктерин даңазалаган тасма менен башталды. Тасмага тээ жаш чактан тартып, азыркы күндөгү ар кандай сүрөттөр камтылыптыр... Уул-кыздары, келиндери, күйөө балдары, неберелери коштоп жүрөт. Айтор, башынан аягына чейин бактылуу өмүрдү камтыптыр. Курбусу да «чын эле ушундай дегенсип», күлүп-жайнап, күйөөсүнүн жетегинде бажырайып турду. Ооба, дал ушул мүнөттөрдө анын бактылуу экендигине ишенбей коюуга мүмкүн эмес эле. Кечээ эле өзү аяп, шоркелдей элестетип жүргөн курбусу азыр 40 жылдык бактысыздыгын көз көрүнөө танып койду. Ушул жерде, ушул саатта турмуштун чоң сахнасындагы башкы ролду эч кимге бербей, курбусу ойноп атты. Болгондо да дүйнөдөгү эң

бактылуу жубайдын, апанын, эненин образын жаратып, кызыл камчы күйөөсүнүн жанында өз ролун ишенимдүү, шексиз, суктанарлык аткарып атты. Чын эле өмүр бою бактылуу жубай болгонуна, тойдогу эл гана эмес, аял да ишенди. Алардын кырк жыл ынтымакта бактылуу жашаган өмүрүнөн жаштар таалим алса болорун, турмушта ушундай үй-бүлөлөр гана чыныгы сыйга татыктуу экенин, үлгү экенин каалоо-тилек айткандар кайталай берди, кайталай берди... Деги эле аял аттуунун баары бул жашоого жамандыр-жакшыдыр эр күтүүгө, бала тууганга, ачуу-таттуусу арбын турмуштун түйшүгүн көтөрүүгө гана жаралгандай, а эгер ошону жасабаса, аны аял деп атоого татыктуу эместей каалоо-тилектер айтылды.

Кулагына жаңырып турган элдин сөзүнөн жан-дүйнөсү тарып, жана эле ичинен толкуп турган аял эми өзүнөн-өзү чүнчүй баштады. Каякка келип алган деги? Тойго келгени аныкпы же кайрадан театрга келип калганбы?. «Бул жашоо – театр, баарыбыз анда артистпиз» деген сөз чын окшойт – деп ойлоду ичинен. Тойго келген элдин да, курбусунун да артист экенине эми ынанды. Артист да. Артист болбосо бир өмүр азап тарып ыйлап жашаган аял бүгүн бул дүйнөдөгү эң бактылуу аялдын образын жарата алмак беле?». Тойдун жүрүшүн карап отуруп, элдин баарын артист, а өзүн жалгыз көрүүчү сезди.

* * *

Той ортолоп калды. Баягыдай каалоо-тилектер деле айтылбай, эми тынымсыз музыканын дүңкүлдөгү менен шарап чөйчөктөрүн шыңгыратып, эки-үчтөн бөлүнүп алып эбедейи эзиле сыйлашуулар башталды. Ортодо болсо шумдуктуудай бий болуп атат.



Эл арасында бир-эки кызымтал неме аялды бийге тартып да көрдү. Өзүн жалгыз сезип, кайда батырарын билбей, ансыз да ыңгайсызданып отурган аялга азыр ортого чыгып бийлөө турсун, жөн эле отуруу да кыйын боло баштаган. Анан өзүн-өзү жооткото бир аз шарап ууртамыш этти. Дал ушул учурда кудай жалгап курбусу эки бети тамылжып аны көздөй келе жаткан экен. Ал жакындай берип:

– Каныштай, кандай, жакшы эле отурасыңбы? Кечир ээ алтыным, элден бошой албай сага көңүл бура албай калдым – деп, ортодогу дуулдап аткан көпчүлүктү сыймыктана карап койду.

– Кел, олтур бир аз. Мен тойдун аягына чейин отурбай эле кете берейин. Бир аз жанымда бол, анан мени узатып кой, макулбу? – Анын сустайган түрүн көргөн курбусу:

– Бирдеме болдубу? Бирөө-жарым жиниңе тийип койгон окшойт, оюңа албачы, бул эми той да. Тойдо боло берет го – деп жалжылдай карады.

Канткен менен баягы эле курбусу да, жароокер, жумшак мүнөз. Үстүндөгү көйнөгү жалтыр-жултур. Бир канча жыл бою сарайда жаткан балатыны бутактары күбүлүп калганына карабай алып чыгып майрамга карата коозоп койгонсуп, ушул салтанаттуу кооз көйнөк анын жалтаңдаган жапакеч жүзүнө, күнөөлүү жылмайып көнгөн көздөрүнө коошпой турат.

– Дүнүйөң курусун. Ага бир чарпылып, буга бир чарпылып жүрүп кантип убакыт өткөнүн да байкабай калат экенсиң, карачы бат эле минтип кемпир болуп калдык. Кел, андан көрө ууртап отур, – курбусу оор күрсүнүп, чөйчөктөргө шарап жаңыртты. Ушинтип жашоо өтө берет экен. Бир карасаң эле уул-кызың чоңоюп, анан тез эле небере күтө баштайт экенсиң. Эми кудайдын ушунусуна

шүгүр деп калдым. Бала-бакыра аман-эсен, эл арасында жакшынакай ордун таап кетти. Жалгыз эле тилегеним ушулардын бактысы, өмүрү, башка эмне дейин, башка эмнени тилейин мен эми... – деп кобуранып жатып көзүнө жаш айлана түштү.

Тээ жаштык жылдардан тартып ички сырын, кайгы-кубанычын тең бөлүшүп келген курбусу азыр да ичиндеги чындыгын бир кайрып алды. Көзүндө турган жаштын сырын экөө гана билет. Ал курбусун чын дилинен жакшы көрүп кетти. Ал ага эч качан калп айткан эмес, бүгүн да ошентти. Азыр аны кубанта турган, кубаттаган жакшы бир сөз таап сүйлөшү керек эле.

– Антпегин. Карачы, кандай жакшынакай күн болуп турат. Неберелериң бар. Кыздарың бар. Уулуң болсо келилген келишимдүү мырзага айланыптыр. Өткөн-кеткенди эстеп эмне кыласың? Жаркылдап күлүп отур!

Курбусу көз жашын эч кимге билгизбөөгө аракеттенип, ичинен ыйлап отурду. Ушул турушунда ал бактылуу да, бактысыз да эле.

* * *

Аял үйүнө бир топ кызымтал келди.

Кире бериштен өтүп баратып, адатынча күзгүдөгү өзүнө бир ирет көз чаптырып койду. Көздөрү күлмүңдөп, тээ илгеркидей нурданып турган экен. «Азыр – деди күзгүгө карап: – Азыр келем».

Көп өтпөй эле моюнуна алтын чынжыр тагынып жетип келди. Капкайдагы буюмдарынын тээ түпкүрүндө катылып жаткан чынжырын издеп таап чыкты. «Карасаң?. Дагы эле жапжаңы бойдон, тамчы көз жаштай болгон тагынчагын кара». Көөдөнүндөгү качанкы кусалыгы калкып чыгып, бакырып ыйлап жибергиси келип турду.



– Жарашпайт! – деди күзгү, – карачы, моюнуң азыр баягыдай эмес.

– Ишиң болбосун. Жарашпаса да мага кымбат бул буюм. Бардык буюмдарымдан кымбат. Мелтиреп туруп каяша айтты күзгүсүнө.

– Хм! Кымбат имиш. Кымбат деп жүрүп кымбат өмүрүңдү жалгыз калтырдың. Эмне таптың айтчы?! Эмне таптың?!

– Сүйүү таптым. Бир өмүргө татый турган керемет сүйүү таптым. Өмүр бою сүйдүм. Кусалыктан куурагыча сүйдүм. Ыйлап да, жыргап да сүйдүм. Аял жашка чайылып мөлтүлдөй түшкөн өзүнүн көзүнө тигилип турду. Көздөрү сулуу эле ушул тапта. Сымаптай тунук көз жашын колу менен сүртүп келип моюнундагы чынжырды сылап алды. Акыркы эстелиги ушул болгон, ушуну берген күнү аябай сырдашып анан экөө коштошкон. Ал кеткен.

Шуулдаган шамалдай, алоолоп күйгөн оттой, эр көкүрөк, өзүнө батпай ашып-ташып төгүлгөн жигит болчу сүйгөнү. Ал жаркылдап күлсө аалам кошо күлүп жиберчү эле го. Аны сүйбөй коюу мүмкүн эмес эле. Ал да аялды сүйгөн. Эч кимде жок сүйүү менен сүйгөн. Андай сүйүүнү ага чейин да, андан кийин да жашоосунда кездештирген жок. Бирок кээде адамдар сүйүүнү башка максаттарга алмаштырат тура. Анын баарын эстегенде, өкүнгөндө эмне эми?..

– Өкүнбөйсүңбү? – күзгү шектене тиктеди аялды.

– Эмнеге өкүнүшүм керек?

– Мм... Мисалы, коколой баш экениңечи? Театр деп жүрүп аягында соксоюп жалгыз куурап баратканыңачы?

– Былжыраба! Алгач аялдын үнү шыбырай чыгып, өз үнүнөн өзү чочуп кетти. Бирок кайра шердене түштү да катуурак чыгарды үнүн.

– Сен бар го! Мупмуздак бирдемесиң. Сени ошон үчүн күзгү дейт. А мен – үнү кекээр чыкты. Аял өзүн кадимки

театр сахнасында тургандай элестетти, анан өзүнүн жаңы ролун ийинине жеткире ойноду. – А мен, мен сендей муздак эмесмин. Мен бүт өмүрүмдү өзүм сүйгөн театрга арнадым, сүйдүм. А жүрөгүмдө өмүр бою бир сүйүү жашады. Ысык, кусалуу, таттуу сүйүү. Мен аны бирөөгө алмаштырган жокмун. Бирок аны деп театрды да кечип кете албадым. «Же мен, же театр» дебедиби ал да көшөрүп. Ал ошондой көк бет, айтканынан кайтпаган жигит болчу. Ошого жараша көкжалдыгы да бар эмес беле! Мен театрды тандасам да, ошондой сүйүүдөн, ошондой жигиттен ажыроо мага өтө оор болгон, оңой бекен!.. А сен билип туруп билгиң келбей атабы? Мерезсиң! Сени ошон үчүн күзгү дейт. А мага өзүмдүн бакытым гана бакыт. Бир нерсени билесиңби, ушуну көпчүлүк аңдоо алышпайт, анткени бул тууралуу ойлонууга алардын убактысы да, шарты да жоктур балким. Бир нерсе бар – менин бакытым, меникиндей бакыттар мезгилдин өтүшү менен келген кадимки бакыттарга окшобойт. Менин бакытым жараткан насип эткен чыныгы бакыт. Жарк! эткен чыныгы бакыт! Чыныгы талант, чыныгы сулуулук, чыныгы атак-даңк! Мен аны кол менен жасаганым жок.

– Эгер андай болсо бакытыңдын, атак-даңкыңдын, сүйүүңдүн аягы кана?! Аягы ушубу? Жалгыздыкпы?? – күзгү да көкмелтейлене суроо узатты. Экөө буга чейин мынчалык ачыкка чыгып, бет келише элек болчу.

– Мына аягы! Мына! Аял өзүн кармана албай алтын-күмүштөр салынган темир кутуча менен күзгүнү кайра-кайра уруп жиберди да, кадимки аялдарчасынан ызага батып, күзгүдөн терс бурулду. – Мен күткөн тагдырдын, сулуу сүйүүнүн куну ошого барабар болду! – деди.

Бул ирет күзгү ага каяша айткан жок. Тек гана талкаланып, быркырап жерде чачылып жатты.



## БӨЛМӨ

...Бөлмө күңгөй бетте. Анын терезеси жол жээгин гана эмес, бүтүндөй бир аймакты үстүнөн карап, кыбыр эткендин баарын көз элегинен өткөрүп турат. Жарыгы кээде күнү-түнү өчпөйт. Көп убакыт бою бөлмөнү чакчая тиктегенден жарык да чарчап кетет. Ээси болсо, жарык барбы, жокпу, өчтүбү, өчө элекпи, балким кечке жанып тургандан чарчадыбы, элес алып да койбойт.

Кээде бир нече күн каралбай калган бөлмөдө ар кандай буюмдар аралашып жатып калат. Китеп-журналдар так ортодо додо болуп үйүлүп, барактар сапырылат, ар жерде кымбат тамекинин кутучалары, анан ага такыр коошпогон арзан кофенин кабыктары... Босогодо бир түгөйү оң жакты карап, экинчиси оодарылып чечилген батиңкелер...

Бөлмөнүн ээси иштен келгенде сумкасын туш келди жерге ыргытып, ар кай жерде чачылган кийимдерине бир сыйра көз чаптырат да, кайсынысы биринчи колуна тийсе, ошону кийип алат. Анан чачылып жаткан буюмдарын аттап-буттап өтүп, өзүнө ыңгайлуу орун таап отуруп, кайсы бир журналды колуна алып ой-келди барактайт, же терезесин ача коюп тамеки күйгүзүп, сыртты тиктеп, тажатма скрипканын үнүн коштой кыялдуу кыңылдап обон созот. Кофе же чай ичкен сайын столдун үстүнө калтыра берип, топтолуп калган кружкаларын көрсө деле көрмөксөн. Кайра кофе жасоо үчүн улам тазасын сууруп

чыга берип, акыры кружкалары түгөнгөндө, эсине келет. Тамак ичерге таза идиши калбай калганда гана идиштерин жууп баштамай адаты бар.

Ээси дайым эле минтип жашабайт. Кээ күндөрү бөлмөнүн терезелери кенен ачылып, чаңы сүртүлүп, буюмдар иреттелип, мизилдей жыйналат. Мындай күндөрү бөлмө сергий түшөт, ээсинин баскан-турганы шайдоот тартып көңүлдүү жүрөт. Буюмдары орду-ордуна тизилип, кийим-кечектери жуулуп, үтүктөлүп, илинип, ашкана тараптан тамактын жыты урат. Тамак жасалган учурлар сейрек.

* * *

Бир күнү ээси иштен көңүлдүү келди. Эшиктен кирери менен жарыкты жандырып, сумкасынын ичинен убараланып бирдеме издеп атты. Акыры тапты окшойт, сумкасын дароо ошол жерге таштады. Кийимин алмаштырып креслосуна жайгашты да телефонуна үңүлдү. Отурган бойдон бир саамга үргүлөп кетип кетип, кайра бат эле ойгонду. Анан түшүнөн чочугансып чачылып жаткан буюмдарын жыйнап баштады. Ачылган терезеден кирген сентябрдын салкын, жалбырак жыттуу, жагымдуу абасы бөлмөнү каптады. Ээси өзүнө жаккан бир обонду кыңылдап, эми эле өзү тизген каз-катар атырлардын улам бирин жыттап көрүп атты. Иреттелген кийимдеринин арасынан айрымдарын сууруп чыгып, эми көргөнсүп кайра баштан көз элегинен өткөрүп, өзүнчө бөлүп койду. Бул түнү жарык эрте өчтү.

Эртеси жашоо көңүлдүү башталды. Кечээ тандаган кийимдерин четинен боюна тууралап кийип көрүп, убараланып аткан ээсинин бүгүн маанайы башкача. Жакасы



коoз, боюна жарашыктуу көгүлтүр көйнөктү кийип, кулагына көйнөккө түстөш сөйкө такты. Чачын бир төбөсүнө бууп, бир түйүп, бир жазып көрдү. Акыры чач сыйда таралып, көк гүлдүү чач кыпчуур менен желкесине буулду. Өзүнө ыраазы болду окшойт, ыракмат дегенсип күзгүсүнө көз кысты. Буга чейин өң-түсү бири-биринен анчейин айырмалана бербеген көчө кийимдерин оңой менен алмашчу эмес, бул жолу ээси кулпура түштү. Улам-улам терезеден сыртты карап кимдир бирөөнү күтүп жатты. Бир кезде жарк эте кол булгалап жылмайды да, шашып туфлисин кийип, чыгып кетти. Артынан жагымдуу буруксуган атырдын жыты калды.

* * *

Ээси ошондон баштап сейрек келе баштады. Күзгүгө каранып, кийим которгону эле келбесе... Бөлмө эми чындап чачылды. Ар кай жерге шашылыш кое салган түрдүү тагынчактар, отургучка, керебеттин кырына арта салынган, мурда бөлмөдө көрүнбөгөн жарашыктуу көйнөктөр, биринен бири жол талашкан такасы бийик туфлилер... Күзгүнүн алдында чала жеп таштап салган алма, шоколаддын жартысы, апельсиндин кабыгы... Деги эле акыркы күндөрү ээси баарын чала жеп, чала ичип, китепти да чала-була окуп, музыканы да аягына чейин укпай баратат. Баягы зеригичтүү скрипканын үнү болсо, такыр тыйылган.

Жарыкты сагына баштады бөлмө. Жаңырган жылды ээнсиреп бопбош, шаан-шөкөтсүз, меймансыз тосту... Бирок ээси жаңы жылдын эртеси кечинде кирип келди. Кирип, жарыкты жандырбай, бөлмөнү жаңы көргөнсүп, босогодо бир азга турду. Анан сумкасын, анын артынан

пальтосун диванга ыргытты да, бут кийимин чечпей эле терезе түбүндөгү креслосуна өтүп, бир топко убаралanып атып чылымын күйгүздү. Эч нерсе көрүнбөй калган караңгы терезеге максатсыз тигилип, тунжурап отурду көпкө чейин. Терезе ушул жолу ээсине кереги тийип тургаnына аябай сүйүнгүсү келди, бирок антейин десе, же сыртта жарык жок, же ичте жарык жок. Бир кезде телефон шыңгырады. Ээси көпкө чейин трубканы алган жок. Телефондун жаагы басылбай койду. Трубканы тыңшаган ээси эмнелерди укканы белгисиз, дубалга жөлөнүп, ак-көк дебей үнсүз ыйлап атты. Телефондун аркы башындагы адамдын сөзү түгөндү окшойт, бөлмөнү кайрадан дүлөй жымжырттык каптады.

Ушул күндөрү бөлмөдө жашоо токтоп калгансыды. Ээси кечинде келери менен чүмкөнүп жатып алат. Эртең менен ишине араң ойгонуп кетет. Бара-бара баягы көнүмүш болгон, иретсиз жашоосуна түшүп кетти.

... Жымжырттыкты бир күнү скрипканын үнү бузду. Анын үнүн ушунчалык сагынган экен бөлмө. Ырахаттанып тыңшады. Ээсинин маанайы да ачыктай сезилди. Демейкисиндей кыймылы шайдоот тартып, колуна тийгендин баарын иреттеп жүрдү. Бирок, адаттагы обонун кыңылдап баратып эле аягында ыры ыйга айланды. Бөлмө же нары, же бери болбой жарым-жартылай жыйналган бойдон калды.

Сыртта эбак эле жаз жыттана баштаган...

* * *

Көп өтпөй телефонго жан кирди, кимдир бирөөлөр тез-тез чалып, ээси азга болсо да телефонго байырлай баштады. Ошондой күндөрдүн биринде булардын жашоосунда күтүүсүздөн экинчи адам пайда болду. Ал келер күнү ээси бөлмөнү такыр башкача иретке келтирди. Үстөлүн нары жылдырды, диванын бери... Күзгүнүн ордун үч жолу которуп, кайра эски ордуна алып келди. Топтолуп кеткен кооз буюмдар, кийимдер, кээде окулса, көпчүлүк учурда окулбай эле үйүлүп жатчу китептердин бир тобу, текчедеги атырлар, түркүн-түстүү бет боёктор да кагаз кутучаларга салынып, кайдадыр чыгарылды. Бийик такалуу туфлилердин ордун кадимки таманы жапыз, ыңгайлуу бут кийимдер ээледи. Ушул күнү ээси тамекисин дембе-дем тартып атты. Бөлмө али көрө элек бейтааныш адамды бул күнү ээси экөө ушинтип күттү.

... Экинчи адам аларга тез-тез келе баштады.

* * *

... Бара-бара бөлмө бошогондон-бошоп, буюм-тайымдардын баары чоң-кичине таңылчактарга айланды. Бөлмөдө жерде жаткан килем, терезе түбүндөгү кресло гана калды. Жууп-тазалап бүткөн соң, ээси бөлмөнү бир саамга айландыра тиктеп турду, терезе түбүнө келип тамеки тартмакчы болду. Бирок, калтырган колдору менен тамекинин кутусун мыжый кармап чөнтөгүнө салды да, бөлмөнүн жарыгын өчүрүп, эшикти тарс жаап чыгып кетти...

Тазалыктан, боштуктан бөлмө жыргай түштү. Көптөн бери мынчалык эс алып көргөн эмес. Күндүз терезесинен күндүн нуру тийип, түнкүсүн ай шыкаалайт. Мемиреген жымжырттыкта бейпил күндөр өтүп атты. Бирок көп узабай эле бөлмө жарыкты сагынганын туйду, андан соң ээсин сагынды, а түгүл күттү. Эшикти ачып кирип



Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487057

келип, терезесин ойлуу тиктеп, креслосунда чылым тартып отурушун самады. Ээси кайда, кандай бөлмөгө кетип калды экен? Ал бөлмө балким күңгөй бетте эместир.... А балким күңүрт болсо деле абдан жайлуудур, анын терезесинен кызыл-тазыл жарыктары бар шаар эмес, чексиз талаалар, тээ алыстан мунарыктаган тоолор көрүнөттүр. Ал балким күңүрт болсо деле жайлуудур...

А бул бөлмө эми эч качан баштагыдай чачылбасын жана эч качан баштагыдай жыйналбасын да түшүндү...



## КАЙЫРЧЫНЫН МАЙРАМЫ

Шаар аянтынын ар кайсы бурчтарында кофе, таттуу токоч, жалтырак-жултурак оюнчук, желим шар сыяктуу майда-чүйдөнүн түрүн сатып, күнүмдүк жашоосун өткөргөн адамдарга быйылкы кыштын «киреше сезону» ачылды. Аял деле өз арабасын өзү тарткандардын бири. Башкалар сыяктанып ал да сүйүнүп, бир башкача үмүт менен күттү Жаңы Жылды. «Иштеп алайын» деди. Бирок биринчи күндөн баштап эле аны аянтка жолотпой, кызыл шапкечендер кууп чыкты. Самтыраган кейпиң менен аянттын көркүн бузасың деди алар. Айтса-айтпаса төгүнбү деп ойлоду ичинен аял. Анан жер кепесине барып, болгон тасмиясын алып чыгып, эпчилдик менен кийимин бүтөдү. Колунан көөрү төгүлбөсө да эптүү эле. Бар тапканы менен үстү-башын бүтөп алып аянтка кайра барды. «Кантип болсо да аянттан орун алыш керек... «Ачык сезонду» куру кетирбей иштеш керек» деген ой турду башында... Эл шаңдуу экен. Маанайы ачык адамдар кантип эле мындан беш-он сомун аямак эле? Аябайт го... Аял деле эл катары майрамдын шаңын сезгиси келди.

... Бирок аны аянттан экинчи жолу да кууп чыкты кызыл шапкечендер. «Бул жерге кайыр сурап турууга болбойт! Бул жерге «чоңдор» келет, эл майрамдайт!» – деп кесе айтып, үстүндөгү түзүк кийимине карап да койбой кубалап чыгышты. Муну таанып алышканын карасаң! Кайырчы аялдын ызасы кайнап, тамагы буулуп, ыйлап

жиберди. Кантип эле ушундай майрамдуу, шаңдуу жайга кире албай калат?! Кантип эле башкалардай болуп «иштей албай» калат? Жаңы жылды элдей болуп тосо албай калабы?! Сууктан жарылып кеткен катуу, капкара колдору менен көз жашын аарчып атып «карыздарын» эстеди. Өткөндө, күн катуу суук болгондо, жер астындагы суу түтүктөрдү ороп жашагандардын жанына барган. Алар муну аяп, тоңуп өлүп калба деп кезектешип «жүз грамм» куюп берип, бар тамагын берип сыйлаган эле. Ошону кайтарыш керек эмес беле? Миң ирет кайырчы болгон күнүндө деле сыйга сый менен жооп кайтарышы керек го акыры. Аял мукурай түштү... Саамга жалдырап турду да, «үйүн» карай жөнөдү.

Базардын буйтка-бурчуна ар кай жерден чогултуп төрт-беш таяк, устун сымактарды таап, жөлөп-таяп тургузуп, ала каптардан, калың кагаздардан чогултуп келип сыртын, астын-үстүн калыңдатып бүтөп алган. Ачык асман алдында калгандан көрө кадимкидей эле жанына огожо болуп келет. Аялдын үйү ушул. Ушул төрт тактай куласа эле өзүн үйсүз калчудай сезет. Жедеп, дал-далынан айрылган ала каптарды, жыртык-тешиктен көрүнгөн, чирий баштаган тактайды тиктеди аял. Жаңылаш керек деп ойлоду ичинен. Ушундан башка өз үйү болбогонун эстеди...

«Мындан ары эриңдин үйү – сенин үйүң, бул үйгө кайтып келбе» деп күйөөгө узатышты эле муну, тээ илгери кыз кезинде. Ата-энеси, тууган-уругу , каалоо-тилек айткандар да, бата бергендер деле ушул сөздү тынбай кайталап атты. «Кайтып келбешим керек экен» – деп кетти ал да үйүнөн. Ошол сөздүн айынан кызыл камчы эрине чыдады. Тырмалаңдап жүрүп оокат-аш жыйнашты, үй



курушту... Бирок ошол үйдө жашоо насип эткен жок. Эри менен келишип-келишпей, ыркы жок жашагандын кесепетиненби, айтор биринчи баласы өлүү төрөлгөн. Ошол бойдон боюна токтогон жок. Кийинчерээк, үй-тиричилиги түптөлүп бүткөн соң, кайын-журту аялдын баласыздыгын көп эстеп, көбүрөөк кеп кыла башташты. Кайра-кайра каңкуулай берген кайын-журтунун кеби жүрөгүнө тикенек болуп сайылып, кейип, жанын коер жер таппай жүрүп ичкиликке ыктап кетти. Ансыз да араң турган кайын энеси менен эри дал ошонун шылтоосу менен аялдан оңой эле кутулушту.

– Бир чыны да алып кетпейсиң – деди кайненеси. – Бир чыны да алып кетпейсиң! Мен сага очойтуп калың төлөгөм. Апаң мен берген калыңга уулун үйлөдү. Сага берген себи төрт төшөк болчу!

Төрөбөгөнү үчүн айыптала берип эбак тили кыскарган келин төрт көйнөгүн көтөрүп үйүнө келди, бирок бир туугандарына баткан жок. Атасы менен апасы өтүп кеткенине көп болгон. Батмак беле? Аял эч нерсеси жок үйгө кайтып келгенде арданды туугандары, ажырашканда арданды, ичип кеткенде арданды, бирок көчөдө калганда бири да арданган жок. Баары билмексенге салып өз жашоосун жашай берди. Эч кимге кереги жок экенин ошондо түшүндү аял.

Бир жолу «юрист» анын тагдырын угуп отуруп:

– Тебя надули, детька! – деди асманды тиктеген бойдон – тебя надули...

«Юрист» эки көчө нары жайгашкан жертөлөдө жашайт. Өзүнүн айтуусу боюнча «башына келген багын көтөрө албай» алардын катарына кошулуп калыптыр... Аял анын ысымын деле билбейт, элдин баары аны «юрист»

дейт, ал деле ошентип жүрөт. Анын үстүнө өзүнө окшогондордун баарынын көбүн эсе каймана аттары бар, өзүнүн ысымын айткан киши аз эле. Көчөдө калган кишилерге ысымдын деле кереги жок окшойт...

Аялдын таңыркап тиктегенин көрүп «юрист» сөзүн улады:

– Эриң экөөң баш кошкондон кийин курулган үй болсо, анда мыйзам боюнча ал үйдүн жарымы сеники болчу. Ата-энеңден калган үй болсо, анда ал үйдө бир туугандарыңдын да, сенин да үлүшүң бар, үй баарыңа таандык, баарың мураскор болуп эсептелесиңер. Сени көчөгө минтип кууп чыкканга эч кимдин акысы жок болчу!

Аял ыйлап жиберген ошондо. Шолоктоп ыйлаган. Анын ыйлаганын көрүп:

– Ай, ай, ай, кыргыздар, өз укугуңарды, мыйзамды билбегениңердин кесепетин көп тартасыңар го – деп баш чайкаган «юрист».

Ушуларды ойлоп отуруп аялдын оюна бир нерсе келди. Баягыда таштандыдан таап алган «артист көйнөктү» сууруп чыкты. Жупжука болчу. Жука экенине карабай калың кийиминин сыртынан кийди да, өжөрлөнө басып кайра аянтка барды. Жалпы сайрандоочулар үчүн коюлган музыка бар эмеспи... Дал ошол музыканын үнүнө туштап барды да, ортого чыгып, бийлеп кирди! Минтпесе кызыл шапкечендер дагы кууп чыкмак. Үлбүрөгөн көйнөгүн каалгытып, музыканын ыргагына дал келсе, келбесе да бийлеп атты. Бирок бир чатак жери – анын кайырчы экенин эч ким элес алган жок. Жөн гана аянттагы Аяз кыз, Аяз ата, Мамалак, Коён, ар кандай мультфильмдин каармандарынын бири катары кабыл алып, эч ким ага беш-он сом таштабай койду. Ошентсе да тынбай бийледи, көңүлү чөгүп турганына карабай өзүн күчкө салып жылмайып бийлеп атты. Ал жыргап аткансып ары-бери өткөндөр аны менен улам сүрөткө түшүп коет... Берген беш сому жок же! Жаман көрүп карап өткөндөр да болду. Жаман көрбөй анан! Күпшүйгөн пальтосунун үстүнө үлбүрөгөн артис көйнөк кийип алса...



Ошентип бийлеп аткан. Бир кезде маңдайында он, он эки жаш чамасындагы бала пайда болду. Бала аны таанды, мектептен келатып көп көргөн бу аялдын сурануп турганын. Ошол аял эми кооз кийинип алып бийлеп турат!

«Веселая попрошайка! Прикоо-ольно!» – сары бала көздөрүн жүлжүйтүп күлүп жиберди. Күлкүсү борсулдап кулакка жагымдуу экен. Кайырчы бийлеп атып байкап калды баланы. Сапсары, көздөрү асман түстүү, бирок жүлжүк. Күлсө, көзү көрүнбөй калат экен. Аялды карап алып чын дилинен жыргап, борс-борс күлүп турат. Аял баланын кейпине күлкүсү келди. Бийлеп атып баланын жүлжүйгөн көздөрүн тиктеп күлүп ийди. Анан алар бирин-бири карап алып аябай күлдү. Бири-биринин кейпине күлдү! «Ушунча да сапсары, жүлжүк бала болобу? Анан калса сүйкүмдүү экен!». Деги эле бала аттуу менен иши жок аялдын береги балакайга жүрөгү элжиреп чыкса болобу.

– «Она попрошайничает весело!» – бала күлгөн боюнча кайырчынын али эч нерсе салына элек кутусуна чөнтөгүнөн бир сом алып чыгып салып койду. Ошондон соң гана адамдар береги «бийчинин» жөн бийчи эмес, кайырчы экенин баамдап, бериде, жерде турган кагаз кутусун байкап акча таштай баштады. Аялдын маанайы көтөрүлүп чыкты, чындап эле бийлеп кирди. Алдында турган

бала үчүн бийледи! Аянттагы бардык жасалга анын урматы үчүн коюлгандай. Асман тиреген бийик, кооз, оголе көп каражат жумшалып жасалган балаты, жада калса музыка да ушул күнү жалгыз анын урматы үчүн коюлгандай сезди. Асмандан кебездей жумшак, жылуу кар себелей баштады.



## КҮТҮҮНҮН АКЫРКЫ КҮНҮ

Жайдары, жакшынакай болчу бул аял. Өңдүү-түстүү, жадагалса чачын да кестирбей, келиштире өрүп туруп аркасына таштап койчу. Өзүнүн айтымында жолдуу да эле, ар бир ишин, сөзүн эч ким эки кылбайт дечү. Кандай адам болбосун, мейли улуу даражалуубу, катардагы бирөөбү, карыбы, жашпы – айырмасы жок, ошолордун баары менен мыкты мамиледе экендигин сыймыктануу менен кеп кылар эле. Өзүнүн айтымында деги эле эч ким мунун өтүнүчүнөн же сунушунан баш тартып көргөн эмес, андай болушу мүмкүн да эместей... Капыстан кимдир-бирөө менен талашып-тартышып, урушуп калар болсо, кийин тиги, наркы бечаранын кантип шору шорподой кайнаган дөдөй кейпине түшүп калганын моокуму кана кеп кылып, каткырып күлөт. Анткени өзү билимдүү жана акылдуу, өзү маңдайындагы каршылашына керектүү сөздү дал керектүү жеринде мыктап гана баса айтат, тиги шордуунун оозуна сөз кирбейт, өзүнүн дөдөй экендигине чындап ынанып, нымтырап бирдемелерди сүйлөмүш болуп, аягында жеңилгенин моюнуна алат... Айтор өзү бардык тарабы төп келишкен, өзгөчө билимдүү, колунан келбеген нерсеси жок, анан калса кыйын аял!

... Мына ушундайча тааныйт эне өз кызын, анткени; кудайдын куттуу күнү кулагы менен угуп турганы дал ушундай. Кызынын кейип-кепчип ыйлактаганын көрө элек. Көп болду, кудайга шүгүр... Эне өзү жашы жетимиш-

тен ашып калса да баскан-турганы тың, барга-жокко байымдуу. Эртеден-кечке чейин кыбырап жаны тынбайт, иш арасында кудайга жалынууну да унутпайт, канча жолу эсине түшсө ошончо жолу кудайдан береги кызынын бактысын тиленип-суранат. Арасында, кызын минтип арасат жолго таштап койгон күйөө баласын да жекирип, күбүрөнүп каргап-шилеп алат... Күнүмдүк тиричилигиндеги бар аракети ушул кызы үчүн эле эненин. Таң азандан туруп суу жылытып, аны кол жуугучка куюп белендеп, чай кайнатып, дасторкон жайып коюп кызын ойготот, «кызматынан кечикпесин, ишине жылуу-жумшак барып келсин, анын иши өтө маанилүү» – дейт.

Адаттагыдай эне-кыз чай ичишет. Кызы азыркы ишиндеги жетишип аткан ийгиликтери, күткөн кадыр-баркы, каршылаш адамдары, өзүнүн утуштары тууралуу берилип, таттуу сүйлөп берет энеге. Сүйлөп атканда кызы тынымсыз күлө берет, кээ бир кемпай кесиптештеринин жоруктарын сөз арасына кошуп... Эне байкуш кызынын ушул турушуна чындап ыраазы. Чыны менен эле мыкты аял, мыкты болбосо жүрмөк да сүйрөлүп! А бул жасаган ишинин майын чыгарат! Чыйрак... Мына ушундай аялынын баркына жетпеген күйөө бала адам деле эмес ошо... Адам эмес үчүн ушундай ургаачынын кадырына жетпей капкайдагы бир эки балалуу келинге үйлөнүп ала койду да... «Жарыбагыр эк!» – дейт эне күбүрөнүп.

Керээли-кечке кызынын кызын багып, бар тапканын ушу наристенин оозуна кармап, айланып-кагылат. Колунан келишинче абышкасынын көзүнөн далдаа кармайт. Кууpаган чал! Кызын, ага кошуп жээн небересин да жерип, түс үйрүп эле туруп алды, ыгы келген жерден эле каарып, кагынып өтөт, ал эмне кыялы ким билсин...



* * *

Эри адаттагыдан да токтоо эле ошол күнү. Үй-бүлөдө чоң жаңжал чыгып, аягында сөз жүйөсүнөн улам жеңилүү ызасын тарткан күйөөсү дайыма ушинтип түнт болуп калчу унчукпай.

– Фрунзеде иштерим бар, машине бош кетет, туугандарыңа учураша кел чогуу барып. Баланы чоң үйгө апамдарга бир-эки күнгө таштай туралы?

– Мм... мейли, – деген аял ошондо күдүктөнүп, бирок бул ирет сөз ырбаткысы келбей тынчыраак барып келүүнү ойлоп, чогуу жолго чыгып кетишкен.

Фрунзеден түз эле улуу агасынын үйүнө кайрылышты, бир күн мейман болушкан соң эри өз иштери менен шаарга чыгып кеткен. Кеткени да курусун... Аны эки күнү күтүшпөдүбү акыйып, качан келет дешип. Эки күндөн соң эри эмей эле, тээ Түптөн бери энеси келбедиби Фрунзедеги агасынын үйүнө... Өөх... андан аркысын эстеш аялга ушунчалык оор!

... Эсине келгенде агасынын ачуусуна ууга бакырып, тилдеп атканын көрдү.

– Эр табылбай калгансып, кой десе болбой кеткениң ушул беле!? Ошондо эле билгем! Ушуну көрмөксүң мээси жок! О, мээси жок! Айткам мен сага!

Кайра бук түшкөн...

Дагы бир келсе, энеси эбак көз жашы кургап, шыпшынып отурган кези экен.

– Кетели... – деди. – Өлбөгүдөй билимиң бар, алты саның аман-соо, кудайдын буюрганы тургандыр...

– Мен үйүмө кетем, апа.

– Кайсы үйүңө барасың!? – деп аркы агасы ызырынды. – Үйүм деп... эми ушунча апкелип таштап кетип аткан немении артынан барсаң, сенде ар деле калбаптыр! Анча болду, баарыбызды тебелет эми ошонуңа...

... Ошентип өлбөгөн эле төрт шыйрагы калып, энесин ээрчип жолго чыкты. Жолду ката энесинен укту көп нерсени, күйөөсү муну шаарга калтырып коюп түз эле Түптөгү кайын-журтуна кеткен экен.

– Таң атпай келди, – деди энеси. – Жаңы эле мешке от тамызайын деп аткам, анан эле дарбазанын сыртынан «дүр» этип машине токтогону угулду. Жүрөгүм бир жамандыкты сезгендей эле жүгүрүп барып дарбазаны ачтым, ачсам күйөөң турат.

– Кана Элмира? – дедим чочуп.

– Шаарда, – деди басмырт гана. – Үйгө кирдик, чай коёюн десем ичпейм деди. Атаңды ойготоюн десем да болбоду, сизге эле айтам деп... Айтымында экөөңөрдүн турмушуңар болбой калган имиш эбактан эле?!

– Мен ага эмне жамандык кылыпмын, апа?! Бала төрөп берген жазыгымбы? Үйдү-үйдөй, ишти-иштей кармаган жазыгымбы!?

Энесинин алдына башын жөлөй эчкирип алды кыз.

– Кай бирин айтайын, балам, укмуштай ажаан имишсиң айтымында, долу дейт, боюңда бар экениңе карабай там башына чыгып алып боюңду таштап өлөм деп коркутупсуң... Аман-соосунда өз колуңарга тапшырайын деп апкелдим дейт. Жада калса кайын-журтунун көзүнчө башына жоолук салынбайт дейт.

Ушунун баарын мурда эринен угуп жүрсө да, бул ирет энесинин оозунан укканына ичи тызылдап, көкүрөгү ачышты. Күйөөсүнүн айтканы деле чын болчу. Дал



ушундай эле булардын турмушу. Эч кимиси эч кимисине муюп, сөзгө келе алышчу эмес чыр-чатак чыкканда. Ызы-чуулуу, тирешкен, эрегишкен! Аял күйөөсүнүн «караңгыраак» экенине чындап ишенип, ошону түшүндүргүсү келчү. Бул түштүктүн түпкүрүндө жашаган бечара аялдардан өзүнүн алда канча артыгыраак, тээ борбордун өзүнөн келген билимдүү, азыркы коом жөнүндөгү түшүнүгү жетик аялзаты экенин баса белгилеп, эч качан узун көйнөк менен жоолукту өзүнө жуутпаган. Келишпестик күчөгөндөн күчөгөн... А кийинчерээк булардын жашоосуна билинбей башка бир аял аралашканын уга баштаган.

* * *

Кечирээк ишинен келип, адатынча чоң үйдүн эшигине жетип, бут кийимин чечерде көзүнө аялдын бийик такалуу туфлиси уруна түштү, кымбат баалуу, жакшынакай туфли босогодон ары ичкериде бурчтан орун алып тыпыйып турат. Шашып коридорго көз жүгүртүп алды, эми байкады үй ичин атырдын жеңил, жагымдуу жыты каптап турган экен. Андан ары карай кирип барганда көргөнү болсо, өзү күндө ишке кетерде каранып, чачын тарап кетчү чоң күзгүнүн алдындагы ирээттүү тизилген бет май, упа, ооз боёгуч сыяктанган майда-бараттар... Үй ичи да башкача иреттеле түшкөнсүп көрүндү аялга. Үйдүн кичүү келининин буюмдары экенин таанып, ичтен тынып алды, сыягы азыр аркы аш үйдө жүрсө керек казан-аяк кармап. Атасына кудай берип салгандыр, адатынча жетине албай бар дүйнөсүн төгүп айланып-кагылып аткандыр... «Ушул эле жетишпей атты эле...» деди үшкүрүнүп.

Кантсе да адаттан тыш жайдаңдап, аш үйгө башпакты. Баары ошондой экен, иниси келиптир көпкө чейин бул жакта болушат экен.

Келини келгенден бери үйдөгү кызы ого бетер жайдары тартып кеткенин байкап, эне өзүнчө сүйүнүп коёт, жакшы болду, балким аз да болсо бири-бирине эрмек болушар... Келин го жаш дечи, бирок ошентсе да ургаачы эмеспи экөө тең, сырдаш, эрмек болуп, кызына оңдой берди болду го.

...Билгенге аялдар дүйнөсү миң чырмалышкан карама-каршылыктуу, өзүнчө катаал дүйнө. Дал ушундай сезет аял. Карысыңбы, жашсыңбы – баары бир аял деген атың бар, демек каала-каалаба аялдар дүйнөсүндөсүң. Аялга тиешелүү сүйүнүч, сезимталдык, таарыныч же жек көрүү, акылгөйлүк менен айлакердик жашоодну коштоп алат...

Береги жаш келин бир сырдуу неме. Көздөрү баамчыл, абай тиктесе да ичи-койнуңду аңтара тиктегенсийт капырай... Жөн эле баскан-турганы, чыны-чайнекти бапестей кармаганы, жада калса мизилдете үй жыйнаганы да ашыкча болуп бaратат аялга күндөн-күнгө. Келиндердин баары эле тынбай кыймылдай берет дечи иш кылып, бирок бул келиндин ар бир жасаган иши аялга кеп-сөз сүйлөп тургандай... Аялдын бул үйдө убактылуу конок экенин, ушул турган турушунда бактысыз экенин, кайсы бир нерселерди туура эмес кылгандыгын айтып, билгизип каңкуулап тургансыйт. А ичинен эмне ойлоп жүргөнүн ким билсин... Ичимтап неме. Балким ичимтап болбой сырдаш деле болмоктур аял менен, бирок ага да бая күнкү бир окуя себепчи болду окшойт...

Ошол күнү үй-бүлө чай үстүндө отурушкан. Көбүнчө кыздын сөзүн тыңдашат мындайда. Өзү да бир сонун кеп



курат, кемпир менен келин экөө муюп эле уга бергилери келет. Ананчы! Жалаң гана жеңиш менен бүткөн кызуу, талаш окуялар, адамдардын күлкүлүү кеп-сөздөрү, өзү, өзүнүн ийгиликтери тууралуу уккулуктуу баян курган адамды ким болбосун уккусу келет да. Келгенине жыл айлана элек мобу жаш келин, далай жашоону жашап койгон кемпир, экөө тең кызыгып угат! Кээде кубаттап баш ийкешет, аял күлгөндө экөө тең кошо күлөт... Эне көңүлү чалкып, эбедейи эзилип кетип тээ жүрөк түпкүрүндөгү изги тилегин балп эттире сүйлөдү ушунда;

– Эми, кудайдын сага да бак айткысы бардыр, балам... Көздүү мончок жерде калбайт, эрге тийип алып эл катары бактылуу болуп кетсең, менин да санаам ордуна келет эле.

Баятан бери сөзү да, күлкүсү да тыйылбай отурган кыз ушу саам энесин өтө бир кыжалат көз караш менен тиктеди. Бир топко мелтейип барып анан чыдабай чарт жарылды.

– Сүйлөйт десе эле сүйлөй бересиңби, апа!? Же эмне, менин бактымды эрге байлап коюптурбу!? Апа?.. – Анан өзүнөн-өзү эле туталанып, жөн-жай отурган келинге заарын чача сүйлөдү: – А сен кайын энеңдин сөзүнө маани бербей эле кой! Адам карыганда ушинтип алжып калат!

– Капырай... – эне кызын тиктеп алып өзүнчө эле жалтайлай түшкөн ошондо. Келин болсо эмелеки жамалы жайнаган бактылуу аялдын көзүнөн бир заматта үрөй учурган заарды көрүп, зырп эте чочуп, заматта бейтаанышка айлана түшкөн бул аялдан оюн да, боюн да ала качып, зымырайып калган.

* * *

Түн. Кайрадан айныксыз тагдыры менен бетме-бет келди. Башкалар түгүл, жада калса өзүнөн-өзү танып, билмексен болгон ачуу өтмүшү менен бет келишти. Кашайгырдыкы... Баарын кылган апасы! Кенедей келиндин көзүнчө балп этет тим эле... Ушуга чейинки сүйлөгөн сөздөрү да, күлгөн күлкүлөрү да шамалга учкансып сапырылып, өзүнөн-өзү мыжылып жатты. Анан адатынча «шашпаа-аа-а...» деди шуу үшкүрүнүп... «Шашпааа-аа, сен али өкүнөсүң! Сен далай өкүнөсүң... Мен сага далилдейм али...»

Түнкүсүн түпкүчтөй түйүлүп жатып алып өзүнчө кекенет, ызырынат, күбүрөнөт аял өзү да байкабай. Кайсы күндүн кайсы саатынан баштап муну мындай чыңалган сезим бийлеп алганын өзү деле эстебейт. Бирок жашоосундагы көргөн-баккан ою эле ушул. «Ошол күн да келет, ошол күнү сен чындап өкүнөсүң! Менсиз бактысыз экениңди билесиң ошол күнү.... келее-ет ошол күн...». Ошентип алып, аялдык кыялы алда кайда чабыттап кетет. Ошондо өзү элестеткен «ошол күнгө» барып алат...

Ошол күнү тээ түштүктүн түпкүрүндөгү күйөөсү келмек аялды издеп ошондон ушуга... Учурунда муну чанып кеткен эри келмек! Сылыксынган, сымбаттуусунган, билимдүүсүнгөн неме ал дагы... Мейли. Келсин! Аялдын ишиндеги ийгиликтерин, кадыр-баркын көрөт! Мурдагыдан да ажары ачылып, бактылуу жашап жүргөнүн көрөт. Айтор, азыркы турушунан кынтык таптырбайт бул ага. Анан, дал ушундай төгөрөгү төп келишкен аялды колдон чыгарып ийгенине өкүнмөк! Өкүнүп кечирим сурамак! Чын дилинен өзүн-өзү жектеп кечирим сурамак.



Ушундай асылзааданы баалай албаган өзүнө чындап кейип, ичинен түтөмөк. Соңунда кечирим сурап, ортодогу балдарын бетине кармап, элдешүүнү суранмак. Сөзсүз ошентет буюрса! Анын кийинки алган аялынын ушунчалык бир мажирөө, жүдөө экенин тааныштарынан укканы бар. Дайым ал жакта калган санаалаш аялдар менен телефондон кабарлашып турат.

«Кечире алмак эмесмин...» деди ичинен туталанып. «Ошончолук жүзү каралыкка барган немени кантип кечирем. Деги эле ошондой адамды кечирүүгө мүмкүнбү? Кандай гана күнгө калтырып коюп кетип калды ал мени... Болгону өкүндүрөм! Анын өкүнгөнүн, муңайганын көрүп көксөөм сууйт. Ошол күн да келет»

... Ушул көксөөгө биротоло жетеленип алган аял бардык жашоосун өзү ошол күйөөсүн эч качан кечирбей койчу бир күнгө арнап жашап жүрдү.

* * *

Түш оош калган кез эле. Үйдө болуп көрбөгөндөй чоң чуу башталды капыстан. Оңбогон гана күйөө! Келатыптыр! Анын бул жакка келатканын алды менен аялдын өзү укту. Биринчи укканда бул күтүүсүз кабарга, жок, күтүүсүз дегенге кантип болсун, жылдар бою күтпөдү беле, бирок дал ушул сааттар үчүн күтүүсүз болгон кабарга аял эсин жоготуп коё жаздады... Оюна оңчулуктуу эч нерсе келбей шашып калды, кууралган бала (уулу) кечээ эле айтып койбойт беле! Азыр гана чалбадыбы, «апа, бир-эки саатта кирип барышат экен, силер жакка жетип калышыптыр, кечээ эле кеткен», – деп! Аял же сүйүнгөнү же күйүнгөнү белгисиз, бир алып учкан сезимге өзүн алдырып ийип, ачуусу чындап келбесе деле, кыйкырыш сөзсүз

зарылдан бетер, сөзсүз албууттаныш керектен бешбетер короо-жайды башына кийе кыйкырып, өзүн издеп келе жаткан күйөөсүн тилдей баштады.

– Акмак! Уятсыз! Бети жок... Ойлоп келатат да мени кечирет деп... Шашпасын! Келсин ушул жерге, так гана алдыма! Мен ага көрсөтөм кечиримди! Уят деген жок экен го! Бети жок үчүн келатат да ушунча жылдан соң!

Кызына кошул-ташыл кемпир деле каргап жүрөт жан-алы калбай...

Аял үйгө атып кирип, кайсактап, колуна тийген кийим-кеченин баарын чачты, анан издеп атып тээ сандык түбүнөн жапжаңы болгон, үйгө кийүүгө куп жарашыктуу көйнөгүн таап чыкты. Өтө аз кийилип, канча мезгилдерден бери дал ушундай күн үчүн катылып жаткан көйнөгү эле. Чачын адаттан тыш жылма тарап, суналта өрүп салды. Өзү ажарлуу неме, маңдайы ачыла, жакшынакай болуп чыга келди. А эшикте кайрадан чуу башталды. Эми абышканы кудай урду башкасы бүтүп...

– Атып салам! – деп бакырды ал күйөө баласы кызына келатканын угуп. – Атып салам! Үйгө жолобосун айтып койгула! – деп кутургандай өкүрүп, максатсыз эле ары бери жүгүрүп, колуна тийген буюм-тайымды туш келди ыргытып атты. Атасына ушуга чейин сөзү кыска, унчуга албаган кыз негедир ушунда мурду менен бир тийди

– Кийлигишпеңиз! Аралашпаңыз! Ишиңиз да болбосун! Уктуңузбу?! – деп баштап, ата менен кыздын чуусу күчөп кетти... Аягында:

– Эгер кааласам жарашам мен! Уктуңузбу?! Жарашам! Кийлигишпеңиз! – деди.

Ушул кеп айтылган соң бир саамга баары унчуга албай калышты. Негедир бири-биринен ыңгайсызданган



кызык абал пайда болду да, абышка сенделе басып үйдү айланып кетти. Дасторкон жайылып, коноктор кечигип жатты...

* * *

Келгендер үчөө экен. Орто жаштардагы мырзалар дасторкон үстүндө сыпайы көрүнөт. Күйөө баланы ээрчий келген достору баягы эле коом, саясат, иш тууралуу сүйлөп олтурушту. Чачы бир аз буурул тарткан, каралжын, сулуу көздөрү муңайыңкы, ыйбаалуу көрүнгөн, жүзүндө бир аз элпек жылмаюусу бар күйөө бала беркилердин сөзүнө аста баш ийкемиш, угумуш болуп коюп, колундагы эс тартып калган сүйкүмдүү наристе кызын улам маңдайынан өөп, эркелетип коет.

Ашканада кемпир менен келин өз ара кобурашып, жолго салып берели дешип баштык белендеп атышты. Сүрсүгөн эт, карынга куюлган сары май. Абышка булардын кобурун тыңшап, ичинен ашата сөгүнүп, жаалын араң басып жатты. «Атаа, ушу кыз бала айе! Бир аялуу нерсе экен ов аттиң...» – Ушу кыздын айынан келишкис душманын төрүнө отургузуп, алдына устукан тартып, ачуусун ичине жутуп коюп, кырча тиштелген эрини кан даамданып жатканын кара!

Кетер кез да келди. Экөө эле калышты, анан ортодо ойногон наристе... Аял. Эри тарабынан айтылар сөздүн кыябын күтүп, ушу азыр кечирим сураса, буга чейинки жыйнаган ызасы менен кегин көз жашы менен кошо төгүп жиберүүгө даяр болуп, кечирип жиберүүгө даяр болуп, а түгүл эч нерсе айтпай эле күйөөсүнүн көкүрөгүнө башып жөлөп буркурап жиберүүгө даяр болуп, ошол секундду дирилдеп күттү... Убакыт жылдарга созулгансып,

өтпөй атты. Күйөөсү маалкатып турду кечирим суроо кезин!

... Анан айтылар кеп башталды.

– Сага ыраазымын. Кызды жакшынакай чоңойтуп атканыңа. Мен сенин алдыңда милдеттүүмүн... Өткөн өттү, кеткен кетти... – күйөө бир саамга ойго жетелене түшүп унчукпай дымып калды. Кечирим суроо оңой эмес деп ойлоду аял. Ортодо канча жылдар бар канткен менен! Албетте, оңой эмес буга... Аял ушул жерден бар күчүн жыйнап, ичиндеги бороонду күч менен басып, супсак үн катты:

– Кудайга шүгүр... Кызым экөбүздү алаканга салып аспиеттеп алышты. Эч нерседен кем болгон жокпуз...

Күйөө күрсүнүп алып, үзүлгөн кебин улады.

– Өткөн өттү, кеткен кетти... Ал үчүн кектешпейли. Айтайын дегеним бу... Ортодо кызыбыз бар экенин эстеп эч эле көңүлүм жай албады. Бала боор эт менен тең го... Сен да эрге тийбепсиң. Эмгиче өз бактысын таап кетти бекен дедим эле. Эми кызым экөөңдү өзүм эле карап, кам көрүп турсамбы дегем. Буюрса, эпке келишсек, сени аялым менен да тааныштырам. Ал туура түшүнөт, өзү өтө жөнөкөй аял. Шашпай таанышсаңар көрөсүң го өзүң деле, тил табышып кетерсиңер...

Ушул болуп аткан окуялардын баары, сүйлөнүп аткан сөздөр деле аялга бүдөмүк, бир түш сыяктанып өтүп атты. Кечирим сурабай атты эри...

Кечирим сураса го... Бир төгүлүп алат эле да! Ак же көк дегенге чама-чаркы келбей мелтейип, тунжурап отурду аял. Эри болсо мындан жооп деле күтпөдү, кызын эркелетип, колуна акча карматты да, эми тез-тез келип сейилдетип турарын, а кийин-кийин... калаага алып кетерин айтып, наристе менен убадалашып алып, өөп, коштошуп чыгып кетти.



Тыштан машиненин «дүрр» этип жүрүп кеткени угулду.

Ошол күн! Ошол дал ушул күн ушул болчу... Жашоосундагы бардык күчүн жумшаган, жашап атып жашабай, жүрөгүнө ыза менен кекти, акыр аягында гана аргасыздан кыял менен сүйүүнү толтуруп күткөн бир күнү ушинтип келди да кетти! Жөн жай эле, жайбаракат келди да кетти.

Эт менен сары майга шыкалган баштык босого ченде турду, каякка коюларын билбей...

## КЫЗГЫЛТЫМ ДҮЙНӨ

Кадимки эле иш күндөрүнүн дагы бир күнү. Бир аз чарчаңкы тартып, ойлонуп отурду. Акыркы күндөрдөгү болуп жаткан абалына тынчсызданып жүрөт. Алгач коркуп жүргөн. Коркпой анан! Баары уйкусуроодон башталды, мемиреп турган жан-дени алгач чымырай түшүп, кулак-мээси бир заматта тири укмуш чууга толуп, анан ошол чыңылдап-чыңалган абалдан бүт дүйнөсү тунуп калды да, башы айлангөчөк атып, кайдадыр учуп жөнөдү. Акыл-эси ордунда, жүрөгү болсо кадимкидей лакылдап согуп, ал түгүл сактанып, этияттанып коёт. Ири алды капкараңгы белгисиздиктен коркту, анан ылдамдыктын күчүнөн коркту. Баарынан да учканын айт! Көөдөй караңгылыкта айтып бере алгыс тездик менен белгисиздикти көздөй багыт алуунун өзү эмне деген шумдук!

Ушул нерсе жашоосундабы же жан туюмундабы, байма-бай кайталана берди. Андайда жаны оозуна кептелип, болгон күчүн жыйнап, акыл-эсин пештеп атып араң-араң өзүнө келчү. Бара-бара канчалык чарчаса да куш уйку салууну токтотту, антпесе болобу, баягы учуусу дагы башталсачы? Анан дарыгерге барууну да ойлоп койду.



* * *

Психолог орто жашап калган аял киши экен. Кирерин кирип алып, өзүндөгү болуп жаткан абалды түшүндүрүп бере албай бир топ мукактанды. Акыры тиги аялдын суроолоруна таянып атып абалын айтып бүттү.

– Менимче аябай чарчасаңыз керек, – деди психолог. – Мээ чарчаган, жүрөк чарчаган, керектүү-керексиз ойлордун баарын көп ойлонот окшойсуз. Сизге эс алуу керек, анан дагы өзүңүздү жакшылап карашыңыз керек.

– Мм...

– А мындай эч жериңиз оорубайбы, негизи? Мисалга алсак, башыңыз же жүрөгүңүз?

– Кудай сактасын...

– Ичимдиктен болсо алыс экенсиз. Аа баса, айланаңыздагы адамдар менен мамилеңиз кандай? Балким ошондон улам...

– Жакшы эле, үйдө да ошондой.

Психологдун башы катты. Кантсе да акыры бир себеби болуш керек го. Өзү ылайыктап эң жакшы деп эсептелген дары-дармектерин жазып берди да, анан эмгек өргүүсүнө чыгуусун сунуш кылды.

«Сизге эс алуу зарыл!».

Ошентти. Дарыгердин тапшырмаларын жан-дили менен аткарды. Бирок баары бир баягы түшүнүксүз абал муну коё бере койгон жок. Аргасы куруганда муну кээ бир жакын санаган тааныш-билиштерине, кесиптештерине да айтып көрдү. Сүйлөшүп алышкансып баары бир ооздон «Албарсты го?» дешти. «Тумчуктурабы? Муунтабы?» «Жок. Тумчуккан эмесмин. Муунган да жокмун».

Калганын айткысы да келбейт. Жөн салды берилген суроолорго жөн салды берилген жооптор катары менен

тез эле унутулду. Өзү деле ушундай абалын кээде унута түшөт. Бирок мунун жан туйгусунан эч качан чыккысы келбеген, «мына, унуттум» дегенде кайра эле жетип келген ошол белгисиз сезим уйку-соонун ортосунда эле эмес, эми ойгоо турганда да өзүнүн капкараңгы мейкиндигине шуу этип оп тартып кетчү болду. Бара-бара өзү да баштагыдай коркпой калды. Анан өзүндө тез-тез кайталана берчү ошол абалга көк беттиги кармап, кадимкидей жини келе баштады. Дал ошондой түшүнүксүз абал муну курчап, күтүүсүз шуулдап учуп бараткан секунддарда акыл-эси жайында туруп, ошол абалынан кутулууга деле аракеттенбей, тырмышып бошонууга жандалбас урбай өзүн тим койчу болду.

«Кана... ушинтип каякка чейин барар экенсиң? Мага көрсөтө турган эмне укмушуң бар?». Мээсине ушундай бир кашкөй сезим келчү. Ошондон кийин ушул белгисиз күч да өзүнөн-өзү жоошуй түшкөндөй болду. Мурункудай көп кармабай калды. Кээде байкоосуз турганда чочутууга аракет кылгансып, шап этип чулгап алат да, мээ жарчудай чуулдагы менен дагы белгисиз караңгылыгын көздөй шуулдатып алып жөнөп берет, бирок ошол замат мындагы көкбеттикти байкай койгонсуп кайра коё берет.

Ошентип жүрүп акыры ал жоголуп да кетти. Мына кызык... Ал жоголгону менен, эми бул аны эстей баштаса болобу! Кайра ага болгон кызыгуусу күч ала баштады. Өзүндө болчу ошол түшүнүксүз абалды канчалык жек көрүп, кооптонсо да акыркы күндөрү өзүнүн ошол укмуштуу абалына көнүп калган экен. «Каап... эмнеге аягына чейин учуп бара алган жокмун? Коркунучтуу болгону менен кызыктуу болчу. Каякка чейин бармак? Бул өзү эмне



болду экен?» деген бүдөмүк суроолорун өзүнө-өзү купуя узаткан боюнча кала берди. Бара-бара таптакыр унутулуп да кетти.

Бирок ал кетпептир. Аны таптакыр унутуп бараткан күндөрдүн биринде, таламандын тал түшүндө келди да, бүт дүйнөсүн чуулдатып, «шуу» этип оп тартып алып учуп кетти! Коркууга да үлгүрбөдү бул жолу, акыл-эси тумандаган бойдон караңгылыктын түпкүрүндөгү кызгылтым бир дүйнөгө төнүп кетти.

Кызгылтым дүйнө! Эч жерде кездешпеген, буга чейин оюнда, элестетүүсүндө деле жашабаган, ушу азыр гана ой-туюму менен аралап, таңданып жүргөн кызыл нур мейкиндикте эс-мас болуп, суктануудан, таңдануудан да артык сезимдерге жетеленип, өзүбү же жаныбы – каалгып жүрдү. Эмелеки коркуу аралаш чыңалуусу да кайда калганы белгисиз, жан-дени ушунчалык жепжеңил, барыжогу билинбейт. Бир гана сезимдери тирүү экенин билгизип, ушул бейтааныш дүйнөгө аваз кылып бүтө албайт. Эмнегедир эле болуп көрбөгөндөй бактысы толуп-ташып турду. «Кандай жакшы!!! Мен кетпейинчи... Мен бул жерден кетпей эле коёюнчу!». Өзү аралап жүргөн белгисиз мейкиндикке дилинде ушинтип өтүнүч кылды.

Буга чейин жүрөгүндөгү мынчалык бейпилдикти, мынчалык жымжырттыкты сезген эмес экен, а жымжырттыкты сезүүнүн өзү ушунчалык бактылуулук алып келери оюна да келмек эмес! «Мага ишен, – деди кызгылтым дүйнө ошондо. – Адамдар ажайыпка таптакыр ишенбейт. Эмнеге ишенгиңер келбейт, айтчы!? Эмнеге силердин жүрөгүңөрдө бейпилдик жашабайт? Анткени ишенүүнү билбейсиңер да. Ишен! Ишен да чар тарабыңды кара».

Ошондо айланасын карады, тирүү экенин эми эстегенсип, бир башкача карады. Айтканындай бар тура! Оюна келген нерселердин баары көз алдында чындыкка айланып баратты. Кыялдары тирүү сүрөт болуп көз алдында бажырайып, апакай жылдызчалар асмандан жаап турду.

«Мен сенден кетпейм, кызгылтым дүйнө!» – деди чын ниетинен. «Мен сендей кооз дүйнө менен катарлаш жашаганымды билген эмесмин... Мен сенден кетпеймин!».

«Кетпе, – деди ал да буга да буга. – Кетпечи...».

* * *

Ошол ошол болду. Ар бир аткан таң менен кошо кызгылтым дүйнөнүн келишин, келип өзүнүн керемет мейкиндигине шуу этип оп тартып кетишин күтүп, эч ким туйбаган бир дүйнө менен катарлаш жашай баштады. Анын өң же түш экенин, кыял же чындык экенин да билчү эмес. Болгону ишенчү. Ооба, кызгылтым тартып кубулган ошол мейкиндик буга туюндурбады беле «Ишен!» деп. Ишенбесе капыс табылган керемети көздөн кайым болчудай, ал көздөн кайым болсо өзүнүн баштапкы бир ыргактуу супсак күндөрүнө, жандан кечтирчүдөй болгон жалгыздыгына кайтып барчудай бир сезим келип, эч нерсе жөнүндө ойлонгусу да келбей ишенди.

А кызгылтым дүйнө мунун эстутумун, жашоосун бүтүндөй өзүнө ээлеп, каалаган мезгилде, мейли жумуштабы, мейли үйдөбү же элдин арасында болсун, эч нерсеге карабай өзүнүн ажайып мейкиндигине оп тартып кете берчү болгон. Бул бир керемет ирмемдер! Өмүрүнө так салган не бир орду толгус жоготуулары, не бир өксүктөрү, көкүрөктө калган тактары – ушунун баары береги кызгылтым дүйнө өз мейкиндигине тартып кетер замат унутула түшчү. Такыр эч нерсе болбогондой унутулуп кетчү.

Жаны, жүрөгү жымжырттыктан кадимкидей эс ала түшчү. Жашап жаткан күндөрүнүн ар бир саатын, мүнөтүн, керек болсо секундун арнап, кызгылтым дүйнөсүн баш-оту менен күтүп, байырлай баштады.

Анан дагы бир нерсеге таң калды. Мобул тирүүлүктө адамдар жанталашып жашап, жөн гана жашап эмес, эртеңки күнү келүүчү же болуучу окуяларга камданып жашап, эртең келчү зор бакытын күтүп жашап, атүгүл өлөрүн да күтүп, өлүм артынан келүүчү бейишин же тозогун өзү дааналап билбеген бойдон кооптонуу менен күтүп жашап жатышканына астейдил таң калып койду. «Жөн гана, жөпжөнөкөй нерсени таба алуу, ишене алуу азыр, ушул дүйнөнүн өзүнөн бейишин табууну билбегендер...».

Ал кызгылтым дүйнөнү тааный элек адамдарды ушинтип атады. Аларды аяды. Бийиктен мээримдүү, жылмая тиктечү болду. Анан өзү да байкабай кадимки адамдар чөйрөсүнөн алыстай баштады. Канчалык алыстаган сайын кызгылтым дүйнөсүнө ошончолук жакындады, анын дамамат жанында байыр алып жүргөнүн да сезет. Өмүргө болгон чексиз сүйүүсүн өзү аваз кылып бүтө албаган ажайып дүйнөсүнө канчалык арбын арнаган сайын ошончолук бактылуу болду! А бактысы канчалык ашынган сайын адамдар чөйрөсүнөн өзү ого бешбетер алыстады, ага өз дүйнөсү жетиштүү эле.

***

Мунун бир бөлөкчө болуп жүргөнүн алгач эле жакын достору деп эсептелген өзүнүн чакан чөйрөсү байкап калды.

– Бери карачы, эмне бизден алыстап калгансың?

– Өзүң менен өзүң болуп кеттиң да?

– Бүгүн чогулган атабыз, качантан бери кагаз тиктей берип мээ чарчады, уктуңбу эй, бүгүн...

– Жумуштан кийин...

Иштен чарчашса да жадырап-жайнап, тамашалай сүйлөшүп, бүгүн чогулушарына алдын-ала кубанышып, бар бактысы бүгүнкү чер жазыша олтурууда сыяктанган кесиптеш-досторуна чын дилинен мээримдүү жылмайды. Оо, булар кайдан билсин мунун эч ким туя алгыс ажайып ааламга кездешкенин... Бактысы ааламга сыйбай жашап жүргөнүн туюшса го!.. Кийинчерээк өзү иштеген ишкананын башчысы да мунун өзгөргөнүн байкады, эч кимге билгизбей өзүнчө чакырып алып иш сапаты начарлап кеткенин айтты.

– Баягыда сени үлгү кылып, сени менен сыймыктанып жүрсөк, эми кантип эл көзүнчө а-бу дешмек элек?! Эмнеге эле ишиңе жөн салды мамиле кылып баратасың? Же эмне... ооруп жүрөсүңбү? Эч ким бетиңе айтпайт, азыр артыңдан айтып атаандашкан кесиптештериң толтура! Билесиң го...

Башчысы ушинтип күйүп-бышып айтты. Жада калса өз киши санап айтты. А бул бактылуу жылмайды өзүнчө. Эч нерсе тууралуу мурдагысындай талашып-тартышкан да жок, болгону «сеники туура» деди. «Ооба, сен туура айтасың» , – деп гана койду. Эң башкысы, сөздү узарткысы келбеди. А иши тууралуу чынында өтө деле ойлонгон жок.



***

Маңдайында шок каректерин кадап, жайдары курбусу турду, бир аздан соң экөө узун коридор менен ээрчише басып иш кабинетине кириште да, адаттарынча бет маңдай отура кетишти.

– Сүйлөчү...

– Эмнени?

– Деги дейм да... – Курбусу буга суроо берерин берип коюп өзүнүн иш-кагаздарын аңтара кетти.

– Менде эмне кеп болсун, андан көрө өзүң айтчы, эмне кылып атасыңар, не жаңылык жумушта?

Эми курбусу буга чындап эле болгон дитин коюп, бир нерсе издегенсип каректерине үңүлө тиктеди.

– Биз го биз... баягыдай эле. Сен башкачасың, өзүңдө эмессиң. Аны биз байкап жүрөбүз. Билем, айткың келбейт. Болуптур, өзүң бил, бирок экөөбүз бири-бирибизден сыр жашырчу эмеспиз!

Ошондо курбусуна айтып берүү жөнүндө ойлонду. Өзү баш-отун арнап пааналап алган кызгылтым дүйнө, анын керемет мейкиндиги тууралуу айтып берүүнү ушунчалык самап кетти. Бирок башы катты. Андагы кереметтерди дал өзүндөй көркөм, кооз, ажайып бойдон бузбай айтып берүүгө тилинин кудурети жетер бекен?! Жеткен күндө да аны түшүнүүгө мобунун ой-сезиминин күчү жетпесечи!.. Ууртун тартып жылмайсачы... Анда али жан туюп, кол тие элек кызгылтым дүйнөсүн булгап албайбы? Кантсе экен... макул... таарынтпай бир аз гана, четин чыгарып көрсүнчү, балким түшүнгүсү бардыр?

– Бактылуусуңбу? – негедир курбусуна алгач ушул суроону узатып алды. Ал муну бир саамга ойлоно тиктеп,

жооп берүү керектигин түшүндү да өзүнчө шуу үшкүрүнүп койду.

– Ар кандай... ооба, кээде менден өткөн бактылуу киши жок деп кой... А кээде өзүмдү дүйнөдөгү эң шордуу адамдай сезем. Эми жашоо да...

– Мен бардык учурда бактылуумун. жада калса уктап жатканда да бактылуумун. Муну сага мактануу үчүн айтканым жок. Мен сезген нерселерди сезген болсоң... Сен азыр түшүнбөшүң мүмкүн. Болгону ага ишене билүү керек!

– Кайсы бир сектага кирип кеткен сыяктуусуң, ошолорго окшош сүйлөп калыпсың!

– Жоок, сен аягына чейин укчу, мен сага Кызгылтым дүйнө тууралуу айтып берип жатам... Качан гана ошол жакка кире качып, өзүм тажап кеткен тыш дүйнөдөн кутула түшкөнүмдө жаным жай алат. Анда баары бар, жепжеңил мейкиндикте жашайсың!

Баары бир курбусу экөө окшош ойлоно алышкан жок, ал такыр эле баш чайкады:

– Болбогон сөз! Абсурд! Сага бир жакшы эс алуу жетишпей турат же дарыланышың керек, менимче... Азыр эле өзүң мага айтып жаткан кызыктай нерсени сен өзүң өтө көп издегенсиң, анан депрессияга түшүп бараткан окшойсуң. Антип изденүүңдүн өзү жаңылыштык да. Жок нерселерди издеп убакыт коротуу... Кечирип кой, бирок... сен мага жакпай турасың. Өзүңө келсең болот эле?!

Үйүндө болсо мунун акыркы мезгилдердеги түшүнүксүз мүнөз, жоруктары тууралуу ич ара талкуу күчөй баштаган эле. Кандайдыр бир маанилүү жумушу бардан бетер, иштен келери менен өз бөлмөсүнө шашканы, ал жерде жайына койсо сааттап эмес, күндөп-түндөп деле



отура бергени, эч ким менен сүйлөшкүсү келбегени... Түнттүгү...

Бирок ал өзүн бактылуу сезип жашап жатты. Жер бетиндеги миллиондогон жандардын бактысынын баары биригип келип мунун бактысынын алдында суу кечпейт деп ишенимдүү ойлончу. Күндөн-күнгө бактысы ашынып баратты. Кадимки турмуштун түркүн-түстүү боёктору көрүнбөй калды. Бир гана өзүнүн кызгылтым дүйнөсү...

Бирок адамдар анын өз алдынча бакытка балкып, сырттагы күжүлдөгөн турмуш агымына далысын салып, кайдыгер кеткенин жөн эле тим коюшкан жок. Демейде чындап жалгыздыгына ортоктош болор жан издеп карайлачуда, азабын аштай тартып жалгыз калчуда көңүл бурбаган адамдар, эч нерсесин туйбаган адамдар ушул ирет кантка үйүлгөн чымындай болуп улам бири кетсе бири келип, негедир буга жабышышты да калышты. Башында аяп ал-ахыбалын сурашты, анан акыл-кеңеш айтышты. Эскертүү беришти. Аягында тилдешти. Кээ бири ыйлады... Такыр болбогондо кол шилтеп, мунун адам болорунан үмүт үзүп, алар да далысын салып кетишти. Ал түгүл турмуштун өзү да далысын салып кеткенсиди. Ошентип таламандын тал түшүндө эле «акылынан айныды...» Эми чын эле жалгыз калганын сезди. «Кайдасың, кызгылтым дүйнө?» деди ошондо. «Мынакей мен, сага келдим, мени күттүң беле? Мен сенде жашоо үчүн баарынан кол үздүм, эми эч ким тынчымды албайт! Мени өзүңдүн керемет мейкиндигиңе алып кет! Мага эми эч нерсенин кереги жок...».

* * *

...«Эч кимге керексиз кезиңде мага да керегиң жок!» – дебеспи ошондо ишенген дүйнөсү.

– Кантип?... Кызгылтым дүйнө... мен сага ишенип баарынан кутулганга аракет кылгам да... Өзүң айтчу элең го «ишен» деп! Мен сага болгон дүйнөм менен ишендим го...

– Эч ким сага ишенбей калган кезде, жада калса сенин өзүң-өзүңө ишенбей калган кезиңде кантип менин мейкиндигимди байырламак элең!? Сен өзүңө-өзүң ишенген учурда... Айланаңдагылардын баары сага ишенген учурда сенин ишеничиң сага канат болмок!!! Анткени мен да сени ошондой учуруңда өз мейкиндигиме алып кете алчумун... Карачы... канаттарың жок... кантип алып кетем?

– Демек сен?..

– Ооба, мен... Чынында Кызгылтым дүйнөнү сен менден эмес, мен сенден издеген болчумун! Сендеги кенебеген бейпилдик, сендеги бейкапарлык, сулуулук... өзүнө өзү ишенген эркtүүлүк, сенде көп нерсе бар эле го... Мен сенден издегем!!! Таптым деп ойлогом... сенин канаттарың мага да канат эле! Кана?!! – Кызгылтым дүйнөсү мунун аң-сезимин тундура кадимкидей чаңырып жиберди! Анан кунары качып, кубаңдаган бир элеске айланып жок болуп кеткенсиди.

А буга болсо ичиндеги бир үн жаңырыктап кайталанып турду.

«Демек, ал менден издеген! Кызгылтым дүйнөсү менден издеген экен да...».



## ТАШ ТАШЫГАН КАРЫЯ

Кээ күндөрү комуздун муңайым дирилдеген үзүл-кесил добушу таң менен кошо теребелди термете баштайт, бул чөлкөмдөгүлөр ушуга көнүп калыщкан, таң эрте малжанын жайытка айдаган чоң-кичине айыл этегинде жайгашкан, төбөсү жалпак, чакан тамдын жанынан кыйгай өтүп баратып комуздун күүсүн угуп өтүшөт.

Мында жалгыз баш карыя күн кечирет. Бир күндө канча ирет кирип-чыгып күймөнөт ким билсин, бирок жалгыз жандын деле жашоо түйшүгү арбын кыязы, азыноолак кой-эчкисин эрмектеген болуп, карадан туткан болуп, ошолорду үйүнүн жанындагы эле жайытка чыгаруу, кайра кечинде айдап келип короого киргизүү анын бул тирүүчүлүктө жашап жүргөнүнүн маанилүү себеби сыяктуу сезилет кээде. Анан комуз чертет... Черткенде да же шартылдаган шаңы жок, же муңайган муңу жок бир калыптагы күңгүрөнгөн күмөн күү, тагдырга баш ийген, тагдырдан эч нерсе талашпаган, күтпөгөн, сабыр күткөн бир күү. Талыкшыган бир ыргак.

* * *

...Эки жыл илгери байбичесинен ажыраган. Өмүрү ойлогон эмес экен, ушул чүкөдөй кемпиринен айрылса томуктай башы тоодой күйүт тартарын. Ойлогон эмес экен ушуну! Байбичесин жерге берген күндүн эртеси бүтүн жашоосу аңгыраган муздак боштукка айланып, бул кыжалат

акыбалды көтөрө албаган карыя бир топ күн сары оору тартып жаткан. Тамакка табити тартпай, кез-кез гана жылымык суу ууртап, колу-буту мупмуздак болуп жата берди. Карыянын бул «обу жоктугун» аны айланчыктаган алыс-жакындары анча жактыра беришпеди ачыгы.

– Таңгөрү дүнүйө, атаны жаман айе... – дейт анын оор күйүттө, тамак-аш ичпей жатканын уккан өзү курдуу айрым абышкалар үшкүрүнүп.

– Тим эле бир илгеркинин Олжобай-Кишимжаны болмой болду го бул... Жаман десе!

– Эми, койсо боло! Тууган-туушканды да кыжаалат кылбай.

– Жамандын бир өнөрү артык...

... Башка дөөлөттүү абышкалар ушинтип кеп кылышкан карыяны.

Кезинде жубайы экөө кудайдан суранып-тиленип, барбаган жери, баспаган мазары калбай жүрүшүп араң бир кыздуу болгон, кийин жашы кырктан ашканда шашпай жүрүп бир эркек бала төрөп берди жубайы. Кызы шаар жеринде жашайт, азыр очор-бачар бүлөлүү. Бирок бул күндөрү энесин жоктоп, энесинин азасына алыс-жуюктан келип-кетип жаткан элди тосуп, узатып, жалгыз инисине бел болуп кыз көпкө кетпей жүрдү. Кыз баланы күйүмдүү деп бекер айтышпайт экен. Ал болбосо, али турмушка кагылып-согула элек, башынан жамандык-жакшылык өткөрүп көрө элек жалгыз уулу баш-аягын таппай бир топ эле жүдөмөк.

Эл-журт жай-жайына тарап, карыя да тагдырына моюн сунуп бир топ өзүнө келип, баш көтөрүп калган соң кызы кете турган болду. Кетеринде инисине өтүнүч сыяктуу кеп козгоду.



– Үйлөнүшүң керек окшойт эми, жашың деле жыйырмадан өтүп калды. Апам тирүү болгондо го, өзүң билет элең, атам экөөңө кыйын эле болот, ылайыктуу кыз болсо үйлөн эми.

Уул унчукпай жер карады. Көп нерсе айткысы келип барып, ансыз да кемпиринин күйүтүнөн бир топ өңү азып, кичирейип турган атасын, ошого эле окшоп бирдеме десе «баа» этип бакырып ыйлап ийчүдөй болуп араң турган эжесинин түрүн аяп унчукпады. Көп нерсе айтат эле...

* * *

Эжесинин кетерде айтып кеткен кеп-кеңеши оңой эмес ойго салды жаш жигитти. Ичинен көп нерсени ойлонуп, чүнчүп жүрүп, ошондой күндөрдүн биринде атасына:

– Ата, мен бир аз иштеп келейин – деди. Иштеп келип үй-жайды оңдобосом...

– Каякка – деген карыя, түшүнө бербей, көзүн үлүрөйтө тиктеп.

– Тааныш балдар Кореяга чакырып атышат, иш жакшы экен. Бир жылча иштей койсом үй салганга керектүү нерселерди алганга жетсе керек.

– Жалгыз башыңа жеткидей оокатын турат го, эмне бар алыста... Өлбөгүдөй мал-жаның турат, үйүң деле турат. Ушунун баарын мен көрүмө ала кетпейм да, сеники...

Уулу эмнегедир адаттан тыш үтүрөңдөдү.

– Үйүң турат дейсиз да, ушу да үйбү! Муну эч ким үй деп айтпайт азыр, ата! Эжем да үйлөн деп коет... Мен кантип ушу жерге... – жигит андан аркысын айта албай туталанып тим болду.

Андан ары экөө тең унчукпай калышты, карыя эми береги уулуна ачык каршы чыккысы келбей, унчукпай ичтен тынып тим болду. Кезинде баарын өзү жасап, өзү түптөй албаганы үчүн да ичинен сынып турду. Кемпири экөө жайбаракат турмуш кечиришкен тура, бар оокатына топук кылып. Азыр чын эле адамдар башкача... Бир чети уулумдуку да туура деп ойлоду карыя. Далай күндөрдөн соң уулу чын эле кетти. Көптүн арасында, көпчүлүк көргөндү көрөм деп, көпчүлүктүкүндөй турмушка жетем деп карыянын жалгыз уулу да кетти. Эл кеткен жакка кетти...

* * *

... Уулу кеткенден бери карыя таш ташымайды адат кылып алды. Ташыган чон-чоң таштарды кынаптап биринин үстүнө бирин үйө берүү – анын эң жакшы көргөн иши. Үйдүн жерпайына жарачудай ири-ири таштарды кай жерден көрсө да көзү кадала түшөт. Кээде бириндекиндетип кол араба менен эптеп сүйрөп келет, кээде ыраак жактардан эшек арабасына бир топ кылып жүктөп алып келет үйүнүн алдына. Таштар – оор. Кары киши үчүн бир топ эле оордук кылат, бирок ошого карабай чоң-чоң таштарды көргөндө карыянын көөдөнүндө бир күч пайда болот. Бир жылт эткен жагымдуу үмүт-тилек пайда болот. Тердеп-тепчигенине карабай, көкүрөгү кышылдап демиккенине да карабай жаналекетке түшүп ташты көтөрүп, арабага салып, үйүнө сүйрөп келет. Уламдан-улам чоңоюп бараткан таш үймөктү көрүп ичинен убактылуу болсо да жеңилдеп алат. Анан ташып келген ар бир ташы менен уулунун келер кезин жакындаткансып сүйүнүп алат! Ушунчалык чын пейилден, астейдил иштейт ушу таш ташымай ишин. Буюрса бир топ чоң үймөк болуп калды, бир үйдүн жерпайын түптөгөнгө жетейин деп деле калды. Уулу келгенде эч болбосо ташы даяр болуп калсын... «Анын талаа-түздө жер кезип жүрүп таап келген акчасына аз да болсо огожо болор таш даяр»...



* * *

Экөө телефондо сүйлөштү.

– Ата, жакшы элесизби, ооруган жоксузбу? – деди адегенде эле уулу.

– Шүгүр балам, менден камсанаба. Өзүң келчүдөйсүңбү деги...

– Аз калды ата, дагы бир аз чыдаңыз, кичине калды. Андан көрө сиз оорубай турсаңыз болду. Эжем барып-кетип атабы тез-тез эле? Мен жөнөтүп жаткан азыноолак акчалар менен кем-карчыңызды бүтөй бериңиз. Үйгө керектелчү акчаны мен өзүм алып барам.

– Мага акча салып убара болбогун сен, жалгыз башыма эч нерсе деле кетпейт, улам мага жөнөткөндү коюп, өзүң айткан нерселериңе жеткидей тыйыныңды чогулт, тезирээк кел. Жүрө бересиңби ошо жакта?

– Аз калды, ата, кичине чыдаңыз. Эжеме бир аз акча котордум, сизге жеткирип берет!

– Тыйын менен кайсы кем-кетигимди бүтөмөк элем мен...

– Түүт-түүт-түүт... сүйлөшүү аягына чыкпай калат.

Булардын сүйлөшүүсү көп жолу ушундайча өңүттө жүрдү. Бир аз чыдасаңыз барам деген баласынын кеткенине төрт жылга чукулдап, ал ортодо бир келип энесинин ашын өткөрүп кеткени болбосо, айылга биротоло келе элек. Үйүн баштай элек. «Кем-кетигиң» үчүн деп

улам которулган акчаны эмне кыларын, каякка жумшарын билбеген карыя тек гана топтой берип, оңор эмес көбөйүп калды. Таш деле жеткидей чогулуп бүттү... Эми жасай турган маанилүү, уулуна жеңилдик апкелер иши түгөнүп, бош калган карыя эмне кыларын билбей жүрдү. Мал-жанын эрмектеген болот, бирок ошо да ишпи. Уулуна кол кабыш кылса болор эле...

* * *

Ошол таңда карыяга жакшы ой келген. Карыянын өзүнө жаккан, аны чындап сүйүнткөн жакшы ой келди. Ал күнү куштай сергек, көңүлү ачык баштады күнүмдүк тиричилигин. Малын эртелеп жайытка чыгарып, эрте мененки нанүштөсүн да көңүлдөнүп ичип, тасмалынын үстүн жаап коюп тышка чыкты. Мурунтан жаңы салынчу үйгө уулу экөө ылайык деп тапкан жайды бир сыйра көз элегинен өткөрүп, ыраазы боло карап чыкты да оюнда алде-бирдемелерди ченеп-өлчөй баштады. Эми буга иштеп бере турган адамдарды табышы керек... ага карыянын акчасы да арбын, ташы да белен. Уулу келгиче төрт бөлмөлүү үйдүн жерпайын бир жакшынакай кылып түптөтүп коет». Ушуну мурда эле ойлонсом болмок экен, аз да болсо жеңилдик болот Аскеме, келип көргөндө бир кубанып калсын!

Тамдын жерпайын түптөп бере турган эки-үч адамды тез эле тапты. Акысын келишип, сүйлөшүп ишти баштады. Айылдын тургундары карыянын бул ишине бир чети таңданып, ар түрдүү кеп аралап, бир чети кубаттап, узун көчөнүн баш-аягына чейин укмуш жанылык болуп тарап жатты. Айрым коңшулар атайы эле сонуркап келип аны-муну сүйлөмүш болуп бакылдашып, бир топко



карап туруп кетишет. Илгеркиден калган эки бөлмөлүү, кире бериши менен кошкондо үч бөлмө үйдөн соң өмүрү курулуш жасабаган бул кишинин азыркы, карып калгандагы иш-аракети тыштан карагандарга бир топ өөн көрүнсө да, акыры келип көпчүлүк айыл тургундары жүрөк тереңинен кубаттап, колдоду. Жыты тууган уруулаштары башка уруулардан намыстанып, колдон келген жардамын бере баштады карыяга. Аялдары кезек-кезеги менен ысык тамагын үзбөй, эркектери бир саамга болсо да бошоп, жетип келишип тиги иштеп жаткандардын жеңилин жерден, оорун колдон алып, көптөп, тез эле карыя каалаган жерпай түптөлүп бүтүп калды. Эмнегедир мунун баарын уулуна чалып айткысы келген жок, келгенде эле көрсүн деди... Жерпай ушунчалык тез бүттү. Чын пейилден жардам берип, жардам берүүнүн шааниси менен күүлөнүп алган немелер ишке моокуму канбай калгансып, дагы да жардам бергилери келди окшойт.

– Эми топурак болсо, кирпичин куйдуруп, дубалын тикелей бериш керек. Асан келгиче мынамесе деп туруп үйдү бүтүрүп салыңыз! – деп тамаша-чындан айтты коңшусунун баласы

– Топурак деле түшүрсөм болот – деди карыя көңүлдөнүп.

– А кирпич деп отурбай эле сокмо менен согуп, заматта көтөрсө болот дубалды. Сокмо кирпичтей эле бекем болот, тез бүтөт –дей салды дагы бир билерман киши.

– Аны Асан билер, акыры үй ошонуку го, бериде туруп эле айта берген болбойт эй...

– Асан билеби, ата? Кантип билбесин?

– Билер... Келгенде көрүп, бир кубансын деп атам да. Ансыз да мына төртүнчү жылы кетип баратат курган ба-

ланын, там салам деп жүрүп. Аз болсо да убактысы үнөмдөлөр... – карыя ушинтип аңгүдүк жооп берди.

Чогулткандан калган акчасына пенсиясын кошуп, анча-мынча мал-жанын пулдап ийип, топурагын түшүрүп, баягы эле айылдаш усталарга сүйлөшүп, жерпайдын дубалын тикелете баштады эми. Сокмо менен. Саман аралаштырып тургузса, кышта жылуу болот деди. «Ичитышын шыбап, жылмалап, тегиздеп, сырдап койсо алда немедей зыңгыраган там болот, мен билген элдин көбүнүн үйү эле ошондой, болгону убагында чоң-чоң, кенен салынган, анан кийин эле алда-немедей кылып коோздопсырдап коюшса турат сыр бербей заңгырап...».

Суук түшкүчө кыбырап атып бир далай иш арбып калды.

* * *

Эрте жазда биротоло келди карыянын уулу. Кебетекешпири бир топ өзгөрүп, бараандуу тарта түшүптүр. Ак жуумал, толмоч тарткан, сулуучумак жигиттин мүнөзү да баштагыдан өзгөрүп, баса-баса батымдуу сүйлөп, кескин мүнөз күткөн түрү бар. Уулуна учурашканы келген кошуналары, жерге-жээк, туугандары анын кай жерлерде, кантип иштеп, эмнени көрүп келгенин сурап, ошонун тегерегинде кеп жүрдү. Карыя калдалактап, аксарбашыл айтып, эшикте эт бышырган бала-бакырага көз салып, үйгө улам кирип-чыгып уулуна көзү тоё, бир түрлүү ыраазычылык менен карап коет. «Карааныңдан айланып кетейиним!!!». Ал уулун ушунчалык сагынып калыптыр.

Эл тарагандын эртеси ата-бала өзүнчө калып, жаңы башталып жаткан тамдын ичи-сыртын айлана басып жүрүштү. Төрт бөлмө тамдын жерпайы түптөлүп, дубалы да жарымына жетер-жетпес болуп көтөрүлүп турат. Дубалдын үстүн жаанга, карга эзилбесин деп атасы саман менен тегиз жаап, ар кай жеринен таш менен бастырып чыккан экен.

Карыя чечекейи чеч болуп, уулунун алдына түшүп алып, бөжөңдөп көрсөтүп баратты.

– Бул бөлмөсү кенен, аш үй болор, баарыбыз кененкесири отурганга. Тиги бурчуна печке салып аласың. А тиги бөлмөсү болсо силердики, бу жагына балдарың чоңойсо, ошолор укташат. Муногусу болсо үйгө киши-кара, конок келсе күткөнүңө... А мага тиги там болот, ошондо эле уктайм.

Карыя өзү көрө элек, жада калса уулу да көрө элек келини, неберелери тууралуу сүйлөп жатты. Кудум эртең эле ошол жашоо башталчудай шашып, карбаластап алганын кантесиң. Уулунун күлкүсү келди.

– Бекер эле убаралана берген экенсиз ата, курганга жараша башкача, чоңураак эле үй куруш керек. Мен атайын долбоорун чийдирип келгем – деп чынын айтты.

– Ыя? – карыя мостоё түштү. – Эмнеге болбойт? Эмнеси жакпай атат мунун сага? Эл катары эле үй болот. Кудум эл катары эле бир жакшынакай көтөрүлгөн там болот...

– Кое турсаңыз болмок го, мен деле жаш бала эмесмин да, ата, чогуу сүйлөшөт элек го?

– Чогуу сүйлөшөт элек деп!.. Сенин келип там салаарыңды күтүп жашаш үчүн мен кузгундун жашына чыгышым керекпи? Аз болсо да эртелетейин дедим, ушу турган ишиңди баштап, тапкан акчаңа үнөм болсун дедим балам. Өмүр коромжу болуп жатканда акча коромжу болбой не болуптур...

– Болору болуптур. Кайра башташ керек баары бир...

– О, сен баарын кайра баштагыча качан эми? Кой, болбогон кепти айтпа, балам. Канча эл келди, жүрүштү ушу жерде элдин баары. Бүгүн келип алып сен... – карыя сөзүнүн аягына чыккысы келбей туталанып кетти. Сөз угар түрү жок.

Кадимкидей эле кейип, уулуна сүйлөнүп, али бүтө элек «үйүнөн» чыгып баратты. Далысын бүкүрөйтүп, эки колун аркасына алып, сүйлөнүп чыгып бараткан карыянын уулу бир чети аяп карап турду.Минтип өзүм билемдик менен ого эле чоң ишти баштап салганы деле кечиримдүү, бир чети жаш баланын жоругундай, бирок ушу да болмок беле... деп ичинен нааразыланып да турду. Эми эмне кылмакчы бул «курулушту?». Жерпайы да жалаң таш, ылай аралаш курулуптур. Шаардан бери өзүнө учурашуу үчүн келе жаткан жалгыз эжесин күтүп отурду. Эжесинен бир арга табылчудай күтүп отурду.

Бир туугандар бирин-бири көргөнүнө жетине албай учурашты. Булар кадимки чоң үй-бүлөлөрдөй болуп бака-шака түшүп, карыянын бар дүйнөсү толуп, оңуп эле калды. Качан гана ээндей түшкөндө жигит эжеси менен тиги болуп жаткан «курулуш» тууралуу сүйлөштү.

– Атамды кой деп койбопсуз да? Эми кантип бузам «тигини?»

– Мен деле мынчалык иш жасап ийерин билгеним жок да, бир келгенимде таш чогултуп жүргөнүн көргөм. Дагы бир келсем чогулткан ташы кадимкидей чоң үймөк болчу. Сага деле чалганда айтпадым беле? Ии деп тим болдуң...

– Эми мунун баарын көзүм менен көрбөгөн соң, бирдемени эрмектеп жүрсө керек дедим да, кайдан билипмин мынчалыкка кетерин – жигит аргасы кете унчукту.



– Дагы бир келсем кадимкидей таш менен жерпай түптөлүп, топурак да түшүрүлүп турган. Айткам жакшы эле, кое туруңуз деп. Атамды билесиң го, менин бирдемеге кирише бергенимди жактырбайт.

– Анысы бар...

– Өзүңө айтсам көп маани бербедиң. Сен да көпкө жоголдуң, анан бир үйдө жалгыз кирип-чыгуу эле оңойбу? Сени күткөнчө жалгыз башына эрмек болду да... Билсең, ушу өзү курдуруп жаткан тамдын аркасы менен да атам ал-күчтөн тайыбай, алда немедей алдуу-күчтүү жүрбөдүбү!

– Эрмек болгону го болуптур, эми буздурбай атпайбы?

– Анда бузбаш керек! Сен тез-тез келип кетип турсаң атам да билип-билбей ушуну жасамак эмес. Атамда эмне күнөө!

– Тез-тез келип кетиш эле оюнчукпу силерге? Ээ, мен кайдан билем... Сен сөзсүз эле ошону бузбай, түптөчү тамыңды короонун башка жерине деле түптөй берсең болбойбу ыя? Же сөзсүз ошону бузуп, ошол жерге гана үй салышын керекпи???

– Башынан ошол жер ылайыктуу, эже, орду болуш керек да ар бир нерсенин. Көчөгө жакын, короосу белен жай. Мурунтан эле ылайыктап жүргөнбүз.

– Өзүң бил, ошончо жыл жүрүп албай, эч болбосо тез-тез келип турсаң балким атам да убара болмок эмес. – эжеси негедир ушу саам өзүнүн таарынычын билдирди буга.

– Ээ, эже! Баарын түшүнүп, көрүп, билип туруп сиз да ушинтесизби эми? Мен эмне кылам анда?!

Чындап аргасы куруп кеткен инисин кайра аяп кетти кайра.

– Мен анда атамды көндүрүп, меникине мейманчылап бир аз күн жүрүп келиңиз дейинби? Жок дегенде он беш күнчө жүрсө, сен тездеп «тигини» тазалатып салып, өзүңдүн жерпайыңды баштап ал, күчтүү-күчтүү балдардан таап, акысы төлөсөң, тез эле бүтөт. Айтор, атам келгенде көрүп, сүйүнгүдөй болсун... деди эжеси.

* * *

Кызынын көөнү үчүн гана араң макул болуп, шаарга барып алган карыя өзүнөн-өзү кысылып, буулугуп үч күнчө араң чыдады, үчүнчү күндүн кечинде кызы жумуштан келгенде айылга кетпесем болбойт деген ниетин билгизди эле, анысы чок баскандай чочуп, такыр жуутпай койду.

Кийинки күнү баары ишке кетишкенде эч кимге айтпай-дебей эле карыя айылына жол тартып кетти. Мындай ыңгайлуу, бирок кыларга иши жок жашоого өмүрү көнгөн эмес карыя.

* * *

Дуу көтөрүлүп жаткан коюу чанды көргөндө жүрөгү бирдемени сезди. Ансыз да шек алып атты эле, ушинтпесе экен деп. Көчө этегинен бери араң басып келе жаткан немеге үйүнүн тушуна жетмеги азап болду. Ылдамдай басты. Кадамы арбысачы же бир!!! Тез-тез эле баскандай болот, бирок ордунан жылбай аткансып муундары калчылдайт. Жакындап келгенде көрдү. Чын эле өзү шек алгандай иш болуп атыптыр. «Оо Жараткан» деп күбүрөнүп ийди.

– Асан! Ээ Асан, бу сенби?! Бу эмине кылганың!



Жүгүрө басты. Эмне айтып, эмне дегенин өзү да толук аңдабай, бирдемелерди тынбай айтып, кыйкырып жүгүрүп келе жатты.

– Ой дейм, ой бала! Эмне кылып атасың! Токтот! Бузба дейм! Аны жалгыз мен курган жокмун! Балам...

Үйүнө жетип-жете бербей өз кадамына өзү чалынып-пы, айтор мүдүрүлүп, көмөлөнүп кетти карыя. Жаткан жеринен тура албай кышылдап, оор дем алып жатып калды. Эки көзү тиги бузулуп аткан курулуштун үстүнөн коюу көтөрүлүп чыгып жаткан чаңда болуп, анын айланасындагы кажы-кужусу угулуп жатты, бирок буруксуган чаңдан улам кишилер карыяга көрүнгөн жок.

Аны көптөн кийин, трактордун дарылдаган үнү басылып, чаң тараганда көрүштү адамдар. Алгач эмне болгонуна түшүнбөй эки жигит эки каруусунан алып тургузушту. Карыяда дарман жок эле. Тек гана эки жагынан сүйөгөн эки жигитке салмагын артып, шоролуу көздөрү менен эми эле сүрдүрүлүп, бузулуп, орду бош калган жерди тиктеп, оор дем алып турду. Үстү-башы боз ала чаң болгон, энтигип араң дем алып турган атасынын түрүн көрүп уулунун үрөйү учуп кетти.

– Ата! Ата дейм, эмне болуп турасыз жарыктык? Ушуга да ушунча болосузбу? Мен сизге мындан он эсе жакшы үй куруп берем, ата! – уулу атасын кучактап, чебеленип кетти.

– Ата, ачууланбаңыз эми... Сиз келе электе ордун тургузуп коймокмун... Эмнеге тура турбадыңыз шаарда? Бир жума тура турсаңыз болот эле го!

Карыя унчукпады. Үн-сөзсүз жетелегендердин жетегинде, көкүрөгү кышылдай оор дем алып, эски үйүнө кирип баратты.

* * *

Уулунун элестетүүсүндө бар, а бирок өзүнүн элестетүүсүндө жок келечектеги мыкты үйдүн ичиндеги жарык жашоо тууралуу кыялдана албай койду такыр эле. Болгон кыялы, элестетүүсү таш менен өзү түптөгөн төрт бөлмө топурак курулуш менен кошо урап, талкаланып жоголуп, эми өзүнүн бул жарыкчылыкта жасай турган маанилүү иши деле жок калганын билди.

... Кайрадан баягы күүсү. Же шартылдаган шаңы жок, же муңайган муңу жок бир калыптагы күңгүрөнгөн күмөн күү. Тагдырга баш ийген, тагдырдан эч нерсе талашпаган, күтпөгөн, сабыр күткөн бир ыргак. Талыкшыткан гана бир ыргак.



## ТӨРТ БУРЧТУК БАКЫТ

Энесинен ажыраган жандуунун баласы деги аянычтуу го. Чыйылдап, сүт ичкенге эми-эми гана эптеп жарап келаткан мыйды орсок тиштүү бир жигит кызыга жактырып, коюнуна катып алып кубанган бойдон үйүнө алып келе жатты. Көптөн бери эле мышык баккысы келип жүргөн. Мый өзүнө окшогон мый бир туугандарын, энесинин жылуу, майин жүндүү, сүт желиндүү уя курсагын бир ирмем да унутпай эстеп, издеп, умсунуп, үнүн баспай чыйылдап келатты. Көздөрү тептегерек, кызгылтым назик муруну... Назигин кара, үлбүрөгүн айт! Сүйкүмдүүсүн айт! Ушинтип ойлоп келатты жигит, жамажайы жайыла жылмайса, кашка тишинин бирөөсү кашкая бөлүнүп. Алдында кандай тагдыр күтүп турганына тынчы кетип, тыбырчылап, дагы эле энесин издеген мыйдын үнү басылбайт.

Булар үңүрөйгөн төрт бөлмөлүү үйгө келип кириштi. Тынбай мыёологон мышыктын баласынан ашып түшүп чыйылдаган, сонуркап кыйкырган чөжүрөк бала-чака тосуп алды үйдөн бу экөөнү. Кудай мындай бербеспи! Биринен-бири өтүп кызыгып, биринин колунан экинчиси жула качып, аркысы чыңырып ыйлап, беркиси бербей, мышыктын баласы күч менен колдон колго өтүп, анын аянычтуу чыйылдагы түгүл өз үндөрүн өздөрү деле укпай атты балдар. Үй ичи чуру-чуу! Жашаялмет жигит бал-

дары үчүн эң керектүү нерсени мына эми таап бергенине ынанып, өз табылгасына өзү чындап корстон болуп, келинчеги тарапты жалжылдай, жагынычтуу тиктейт улам, мына ушул ирмемдер ага да кызык болуп атты бекен деген кыязда. Бала мышык жаналекетке түшүп, мынабу быйтыйган колдордун туткунунан кутулгусу келет! А быйтык колдор ансайын бекем-бекем мыкчыйт. Мый-мый тыбырчылайт. Ошентип атып, курч тырмактарын кайсы биреөсүнүн жумшак билегине матырып алды эле, «чар» эте түштү бала.

– Эк, өлүп кеткирдики десе! Желмогуздай кылып каяктан апкелдиң эле муну! Жоготчу ары!!! – кайдан-жайдан жетип келген кабагы бүркөө келин ачуусу мурдунун учуна чыга, баланын боорундагы мыйды жулуп алып, тамдын бурчуна карай күү менен ыргытты.

– Ушу эле жетишпей тургансып мага!!!.

Ушунчалык кыжыр менен ыргытты тим эле! Ушуга чейинки турмуштун куурал-түйшүгүнүн күнөөкөрүн мына эми, азыр гана таба койгонсуп, өзүнө эмне жакпай жүрсө, мына ошонун баарына дал ушу мышыктын баласы гана күнөөлүүдөй болуп, бар кыжыры менен силкий ыргытты...

Тээ бир топ жыл илгери көкүрөгү өрдү самаган моймол кыз болгону, жалаң гана бактылуу турмуш жөнүндө ойлонгону, кыялдан башы чыкпай жүргөн күндөрдүн бир күнү мектебин аяктап, маңдайга жазган жазмышынанбы же улуулардын кыз дүйнөсүнө баам салышпаган баары бирлигиненби, айтор өмүрү көрбөгөн бир үйгө «түшкөн жери оор» болуп ыргытылганы... Катып отурганы, ыйлап отурганы, акыры тагдырына баш ийип биротоло отуруп



бергеничи! Оо, кийин желбиреген жоолугу сыртынан кызыл-тазыл жашоонун сүрөтүн тарткан менен, ичинен эбак эле таш болуп катып бараткан жүрөгүнүн ызасы, таарынычы... Деги кай бирин эстеп, кай бирине күйөт ээ бул жазмыштын!

Азыр эми ошонун баарына биригип келип мына ушул мышыктын баласы гана күнөөлүүдөй болуп, бар болгон кыжырын ушуну менен кошуп силкий ыргытты! Деги эле турмушундагы көп нерселерди ушинтип силкий ыргыткысы келет келиндин. Буга эч нерсе жакпайт... Күү менен барып дубалга, андан полго «түп» эте түштү мый. Бир саамга эсин жогото түштү. Ботала болгон наристе колунан жулдурган кызыктуу оюнчугунун аянычтуу кейпине жалдырай тигилип, кайра барып кармай калуудан жазганып, энесинин ачуусуна тийүүдөн коркуп карап турду. Бир саамдан соң эсине келген жаныбар бар алынча жүгүрүп, бирдеменин түбүнө кире качып бөжүп калды. Тептегерек көздөрү жашылданып чыкты анан, ары жактагы чуру-чуудан чочуп, денеси билинер-билинбес дирилдейт. Көп өтпөй энесин издеп, кайрадан аянычтуу чыйылдай баштады дагы, бирок караңгы бурчтан сыртка чыккысы жок.

Келиндин эсине капкайдагы немелер түшө баштады, Баягы түн... Ажылдаган катын-калач! Айтылган акыл! Ошондо буга;

– Өз багыңды чанба! Ырыскыңды теппе... Мына, күйөөң болчу бала эмгекчил, бир жаны тынбай иштеген мээнеткеч жигит, үстүндө үй, эми өзүң кирип-чыгып тирилигиңди жасай бер, анан бала-чакалуу болосуңар! Ана, төрт тарабың төп келип жашай бересиңер! Мындан артык эмнени издейсиң ботом???

– Өзүң деле бир жакшынакай тың кыз экенсиң го чырагым, мына эми үй десең үй, күйөөң ана, корооңор малдан куру эмес, багың ачылып отурасың!

– Башыңа келген бакты кесир кылба! Баш аттаган болчу эмес...

– Баш аттаган болбойт.

Оо, ушу улуулардын кеп жүйөсү! Ошентип атышып «төрт тарабы төп» турмушка көндүрүшпөдү беле кызды, же бир жигит күтүп, сүйүп көрбөптүр... Эстеп кетсе улутунуп алат дайыма. «Ооба, мына үйүм, мына бала-чакам... ана күйөөм, тигинде тирилигим! А бакыт кана?..». А буга чындай келсе өзүнүн да башы жетпей кетчү келиндин. Бирок таң атары менен тириликтин түйшүгү желкеден ныгыра басканда, кечте эңсеген бакыт түгүл андан башкасын да унутуп, түйдөктөлгөн чачын бурай түйүп, жоолугун байлана салып баш-оту менен тиричиликтин сормо сазына батып кетет. Кайра эле кеч кирет. Баягы самсыган тумандай оор ойлор кайрадан жүк болуп басат келинди. Недир бир нерсе жетпейт, туталанат кайра баштан. Деги бу жашоодо түйшүктөн башка нерсе барбы өзү!? Болсо ал эмне...

Түн кире баштаган кезде булар мыйдын чыйылдаган үнүнөн тажап, бурчтан эптеп чыгарып алды да, сырттагы бир сарайчага камап койду. Эң эле жакшысы, сүт берилди. Кийинки күндөр деле ушундай башталып, ушинтип бүтүп атты.

Көп өтпөй баягы үлпүлдөк, майин жүнү уйпаланган, кирдеген, арыктыгынан араң эле жаны калган бир түрү суук макулукка айланды бала мышык. Адамдын ач чеңгелине, жекире тилдегенине дагы эле көнө албай , бирок баягыдай курч тырмактарын матырып алуудан жазганган, корккон, болгону ачуу мыёологондон башканы бил-



беген бир мышыктын баласы эле. Буга бир аз жан тарткан, кичине болсо да аяр сылап, мээрим бере алган баягы орсок тиш ээси да мунун багына өтө эрте кетип, кеч келет үйүнө... Күндөн-күнгө жүдөп бараткан мыймыйды көрүп, түтпөй бир-эки жолу балдарын зекий коем деп да балээге калды баягыда, муну көргөндө ансыз да итатайы тутулуп араң турчу келинчегине укмуш шылтоо табылып, зирпилдеп кое берген эле!

– Бир мышык апкелип алып анысын да балдарга карматканга ыраа көрбөй! Деле укмуш нерсе таап келсең бир жөн... Жөн кой эми! Оюнчук алып бере албаган соң жөн кой, балдар жок дегенде ошого алаксып атышат...

Мындан да ачуу, жүрөккө тийип, чучугуна жеткен сөздөрдү угуп кала электе, ушунчасында эле тура качып эшикке чыгып кеткен. Кайсы жазыгы үчүн келинчеги муну мынча жек көрөрүн өзү да түшүнбөйт чыны, колунан келишинче анын көзүнүн агы менен эле тең айлангансыйт, бирок баары бир жага албай койду.

Бурчта мышыктын кирдеген, кез-кез сүт же дагы бирдеме куюла калчу идиши бар, аа баса, бала-чаканын колунан үбөлөнүп түшкөн нан күкүмдөрү да мол, эзели үзүлбөйт кийиздин үстүнөн, бала мышык ошону термелеп жеген болот. Кейпи кеткенден кетип, боталасы бир укмуш, өзү араң жан байкушту каалагандай калчап, тытмалап ойнойт наристелер. Бул күнү аны «ат кылып» минмей болушту... Үч жаштар чамасындагы толмоч, болук наристе;

– Ат... чү... чү! – деди араңжан мый-мыйдын үстүнө очоё отуруп алып. Анан желип-желип койду өз табылгасына кубанып. – Чү!.. чү.. ! Наристе улам желген сайын мышыктын жүрөк-боору эзилип, дүйнө караңгылай түшөт... Бар алынча мыёолоп, кутулуунун далбасасы менен тырмактары

тышты карай тырмышат. Ошентип бир топко чейин «ат» болду мый.

– Келе, эми менин атым болот, тур мындай! – деди улуурагы келип.

– Икиии… бербейм… меники!

Адаттагыдай мышык талаш башталып, алар ызылдашып атканда эптеп суурулуп качып чыкты. Бир топ эле эзилсе керек, укмуштай жаны кыйналып атты…

Ошол күндөн баштап мурункудай бар тамагын да тыңдап иче албай, кадимкидей ооруп калды. Араңжан неме эшикте жаман-жуман бирдемелердин түбүндө өлөрүн санап, өлүп акыры мынабу аяр жанынын жай алышын самап соолуп жатты. Көздөрү бозомук тартып, бар жарыкчылыктын байманасы эне мышык менен чогуу болгон бир күндүк жашоого татыбай, күндүн чыкканы менен түндүн киргени, ысык менен сууктун илеби деле ичиркентпей, эптеп эле жаны жай алчу учурду кадимкидей күттү, оозуна наар алууга шайы келбей күттү…

Мунун мындай чалажан түрүнө ого бетер жини кашайган ачуулуу келин таң эрте ушуну алысыраак ыргытып жиберүүнү ойлоду. Биринен бири өтүп мышык талашып чырдашкан, ыйлашкан балдарынын чуусу да мазесин алып бүттү белем… Эрине үтүрөңдөп, мурдун чүйрүй силкинди;

– Муногуну жоготчу! Итиркейди келтирбей… түрү да бир шумдук! Каяктан апкелсең ошо жагыңа апарып бер!

– Каякка жоготмок элек, жөн кой жүрө берсин – күйөөсү шалкы бош унчукту, бутундагы жамшыйган ботасынын боосун байлап отуруп.

– Үйгө деле бир мышык керек да. Чычкан-пычкан жолобой калат үйгө.



– Эк, койчу башымды оорутпай, ушу кайсыны кыйратат эле! Карабайсыңбы кейпин?

– …

– Сен ыргытпасаң өзүм эле жоготом, деле ушу тажатты…

Унчукпаган жигит өлөсөлү мышыкты колтуктап алып үйдөн чыкты. Негедир ушу саам мышыкты өзүнө жакын сезип, аны менен өзүн окшоштуруп, эзели эч кимдин элжиреген мээримин көрбөгөн өзүнө да, мышыкка да жаны ачып жолдо баратты, тээ көктөйүндө эле башына жетимчилик түшүп, дал ушул мышыкка окшоп энесин жоктогон экен көрсө. Балким өзү кол арага жарап, кимдир бирөөлөргө керек болгучакты, анан жанталашып тытынып иштеп жүрүп азыноолак оокат курагычакты дал ушу мышыктай эле эч кимге керексиз, сүйкүмсүз да болгондур. «Каап – деди бир оюу, – өткөндө бекер энесинен бөлгөн экемин байкушту! Багып алалы дебедим беле, жөн эле койбой».

Жолдо баратып ушунда бир карыган кемпирдикине кайрылды. Күндө таң эрте менен талааны көздөй чыккан жигит ушул үйгө кирип кемпирдин колунан чай ичип, оңу келсе арткан-урткөн тамак-ашын ичип, бир топко кобурашып алып анан жолун улачу, билчү эле, кемпир акыркы жылдары жалаң гана сооп издеп жашап жүргөнүн… Мышыктын баласын коюнуна салып алган жигит ошол кемпирге келди. Анысы болсо араңжан, кейпи кеткен мышыктын баласын көрүп алып бир түрлүү чочуп алды!

– Ииий кантет! Бу мал болбойт балам… өлүп калат бу!

– Өлбөйт апа… кичине тыңыса эле чуркап кетет.

Канткен менен кемпир мышыкты алды, сообу тиер… деп ойлоду, мындай түрү менен үйгө жолоткусу келбей,

арыда эртели-кеч тамак жасалчу мору тамга кийирип, алдына кийиздин бир бучкагын таштап койду. Анан идишке жаңы куюлган сүт апкелип берди. Өлбөсө жашап кетер… «Айтору, ниетим түз, кудайым өзүң күбөсүң, өлсө да өлбөсө да иши кылып сообун берсең эле болгону..!». Бир түрлүү кобуранып, башын ийкеп койду өзүн-өзү кубаттап, көңүлү ток тартып.

* * *

*(2-аңгеме)*

Мышыктын эмки жашоосу өтчү мобу үй деле бала-чакалуу үй экен, мадырабаштар мышыктын баласын адеп көргөндө анын мындай түрпөтүнөн бир сыйра элейип, жанына жакындабай, алыстан көз салышты. Улуусу кичүүсүн жолотпой атты «...ал азыр өлөт» деп. Кичүүсүнүн көздөрү жашылданып, өлөсөлү бул кичинекей айбанды аяп, анан азыр мунун аянычтуу өлгөнүн көрбөш үчүн жакын барбай эле коюуну чечти. Мурун-кийин мындай араңжан макулукту көрбөгөн немелер андан оолактап кетсе да, унута албай үрпөйүп, мышык жакты акмалап коет, кичинекейдин эсинен кетпей атты, бар арганы апасы гана тапчудай, анын жумуштан келерин чыдамсыздана күтүп, келери менен жалынычтуу көздөрү менен апасына тигилди.

– Апа, биздикине мышык апкелишти. Сен мышыкты жакшы көрөсүң ээ? Айтып койчу, апа..? Жакшы көрөсүңбү?

– Аны айыктырып коёсуң э, апа? Өлөйүн деп эле араң жатат! Жүрсөң!?

Биринен-бири өтүп кабатырланган балдар энесине мышыкты көрсөтө албай атышты. Ушу азыр барып эне-



си көрсө эле бир арга таап, мыймый айыгып кетүүчүдөй, өлбөй калчудай, жан кыйноосунан кутулуп жыргап калчудай сезилип жатты. Эс тартып калган балдар өтө эле боорукер болот кээде.

Мышык түгүл кара жанынын айласын таппай турган апасы, балдарынын көңүлүн улап, эптеп ооз учунан сүйлөп кутулду:

– Ии анан көрөлү ээ… Шашпай көрөлү!

– Апа… мышык айыгат ээ? Сиз аны айыктыра аласызбы? – төрт-бештердеги баланын көздөрү жашылданып, тынчы кетип турду.

– Айыгат. Мышык айыгат, балам, мен аны карайм… шашпай, анан…

Өңү керсары, көз оту өчүңкү эле апасынын. Мышык эмне экен! Ошол мышыкка кошуп туруп бүтүндөй жарыкчылык жашоонун барын сүйө турган жүрөгү бар эмес беле! Эми бүгүн башына түшкөн бир «жандуу оорунун» кесепетинен башка түгүл кичинекей бир мышыкты да сүйүүгө кудурети жетпей турганын карасаң. Аны береги наристелер билмеги кайда! Эгерим биле турган эле болсо, мышыктан биринчи энесин аяп көздөрү жашылданар беле, бирок апасынын эң корккону ошол…

Балдар кайрадан чоң энесине чуркады, мышык тууралуу суроолоруна жооп алыш үчүн.

...Бири-биринен айырмасы аз, жалгыз өткөргөн күндөрүнүн пайдасы мышык үчүн жакшы жагына чечилип, аз-аздан айыгып баратты. Кемпир, үч-төрт маал жегенге бирдеме салып берет да анан күндө бир маал эшиктин алдына коё берип, алыстан гана көз салып коёт. Бул түрү суук, араңжан немени кармап ийүүдөн коркуп, үйгө кийирүүгө да батынбай бир-эки маал айланчыктап ойно-

гон болот эки бала. Кемпир күн чубактап отуруп, өзүнүн өмүр учугун улай ойго тунат... жасаган соп иштери, жасаган күнөө иштери, жашоонун ачуусу, таттуусу, акыры келчү бир өлүм. «Ээ Жараткан Алла Таалам, кетирген күнөөлөрүмдү өзүң кечир, жасаган сооп иштеримди арттырып, бейишиңден орун берерсиң... Бейишиңден..!» деп күбүрөнүп атып ар бир жасаган сооп ишин эсептеп-чоттоп, калтырбай эстеп, ошону көңүлүнө медер тутуп жалбарат Жаратканга. Күрсүнөт ичтен тынып.

Эски түгү акырындап түлөп түшүп, өзүнөн-өзү жаңырып, тазарып анан калса бир аз эти толуп, алда-немедей эле мышыкка айланып калды аз күндөн бери. Ошол күндөрү эч кимден суроо-сопкуту жок эле балдар аны үйгө алып кире башташты. Үй ичинде мышыкка такыр бейтааныш жашоо бар экен, кенен, сандаган эшиктерден башы айланып ары-бери чуркады алгач мышык. Жанынын барынча бөжүй жүгүрүп, өзүнө караңгы бурч издеди... Ошентип тепкичтин түбүнө жашынып алды да, алдыртан өзүмчүлдүк менен өз коопсуздугун көзөмөлдөп, айлананы байкай баштады. Кагаздан көпөлөк жасап, жипке байлап алган балдар анысына мышыкты кызыктыра алышпай убара. Тек гана көз ойноктотуп карап койгону болбосо кадимки бала мышыктарча ойногусу келбейт мунун такыр эле. Сабырсызданган балдар колуна ала коёт мышыкты улам бири, бирок бул айбандын ачуу мыёолоп жибергени, дирилдей корккондунан кайра өздөрү чочуп коё салышат жерге.

Кемпир бар тапканын мышыктын оозуна кармайт, ошондон уламбы, ашкананын бурчунда тамак калдыктары додо болуп үйүлүп , чачылып жатчу болду, аны көргөн сайын жаш кожойке кыжырданып, кобуранып сүйлөнүп, тазалап чыгат да, кокус мышык колуна кармалып калуучу болсо... Анда аны колуна алып, өзүнө бет маңдай каратып алып шашпай отуруп бир топ бирдемелерди сүйлөйт. Үнү кандайдыр зекигендей, опузалагандай, кайра эркелеткендей, көздөрүндө заар жок, тек гана мыйды эрмектейт, муңайым көздөрү күлмүңдөп кетет колуна бу жаныбар кармалчу болсо, опузасы менен катар жеңил төпөштөмүш этип коёт кээде, эч жери оорубаган күндө да баары бир жакпайт мышыкка кожойкенин төпөшү! Качан гана балдар көрө коюп, «апаке... коё берчи байкушту! коркутпасаң.. «деп арачы түшүп, колунан ала койбосо, бечара мышык далайга чейин эрмектелет... Ушундан уламбы, бул үйдөгүлөрдүн ичинен ушу жаш кожойкени көргөндө жанынын барынча дыргаяктап качат мышык! Кокусунан кууш коридорлордо же тепкичте бетме-бет келип калышса, ойлонбой туруп мышык шарт артына бурулуп, келген жагын көздөй кайра кетет... Мышыктын өзүнө теңелбеген «бул эстүүлүгү» кожойкенин бир эсе күлкүсүн келтирсе, бир эсе ушундай абалга чейин жетип калган өзүнүн алсыздыгын аяп, оор күрсүнүп алуучу.

Үйдүн кожоюну ички дүйнөсүндө бир түрлүү тынчтыгы бар, карашы жылуу, оор басырыктуу сулуусымак адам эле, андагы жайбаракаттык мышыктын да ички туюмун магдыратып жиберер эле, ал тамакка отурары менен жанына жетип барып, ток болсо деле анын колунан бир үзүм тамак жеп, анан анын тизесине чыгып, тегерек оролуп жатып алат да , жашоосуна канааттана мурулдай баштайт. Балдар эрте эле тамактанып, эрте укташчу башынан. А үчөө дасторкон үстүндө жымжырт отурушат көп учурда, анда-санда чыны, табактарга тийген кашык-

вилканын шыңгыры, чайдын шоркураганын эсепке албаганда жымжырттык өкүм сүргөн мындай кечтерде ар ким өз ою менен алек.

Жан кейиткен жалгыздык оорусуна тушукканына бир жылдан ашты жаш аялдын. Көзүнө эч нерсе көрүнбөй кетет жүрөгү мыжылып... Ушунчалык суук көрүнөт мынабу тээ алыстан тоолору мунарыктап араң көрүнгөн боппоз өрөөндөгү кечирген өмүрү. Канча жыл жашаса, ошончо жылды оңбогондой кусалык менен жашап, аткарылбай калган тилектери үчүн кейип, ар бир күнү актай бойдон ушаланган кагаздай (ушул сөздү кайсы бир акындын ырынан окуп эстеп калган) өтүп... акыр аягында жакшылыктан биротоло үмүт үзгөн немедей шалкы бош турмуш кечире баштаган, ырас, бактылуу болууга аракеттенген жылдары болгон. Бирок текке гана кетти.

Башкасы аз келгенсип, жаш кезинде куурал турмушту куп гана баштан кечирген кемпирге, азыркы, ушу таптагы береги келининин турмушу тим эле бейиш сезилип, басып-туруп кобурангандан тажачу эмес;

– Биз силердей кезде алачыкта эле жашаганбыз, силер болсо эки кабат үйдө... ал кезде үйдөн суу чыкмагы кайда? Сууну сайдан ташып эле тирилик кылар элек, азыркылар көптүңөр тим эле... Капырай... – деп далайды сүйлөнүп жүрө берет да, ошонусу менен береги келиндин ушундай жеңил турмушта жашап атканы үчүн көп нерсеге, ого эле көп нерсеге милдеткер экенин каңкуулаганыкаңкуулаган, кокус тууган-уругу, кошуна-колоңу келип калса боз койдон жоош, кең пейил эненин кейпине кире калууга да ар дайым дарамети жетчү...

Жаш аялды акыл-эстен тандыра тажаткан дагы бир нерсе, кайда барбасын береги кемпирдин көздөрү аны



акмалап ээрчип жүрөр эле, жада калса кемпир жок жерде да анын чекчейген коздөрү муну тескеп, кайдадыр шаштырып тургансыйт... А үй ичинде кайда баспасын артынан калчу эмес, аны-муну шылтоологон болуп аркасынан акмалаганы-акмалаган... Ички кыжырын жашырууга дарамети жетпей баратты күндөн-күнгө... Бара-бара анысы бир кызыктай ооруга айланып кетти.

Аялдын жүзү кейпинен кетип, күндөн-күнгө жашоого болгон сүйүүсү өчүп, бир түрлүү оорулуу жанга айланып баратканын көрүп туруп деле эркеги анын бул жерден кетүү тууралуу өтүнүчүн, сунушун, кээде жаңжал менен коштолгон талабын укмаксанга, билмексенге салды, же чындап эле сезип-туя алган жок анын ичиндеги азапты.

* * *

Түн. Эшикте адаттагыдай дуулдаган, шуулдаган шамалдын добушу. Терезеден көрүнгөн тептегерек сулуу ай! Анын жерге жакын өтүп аткан бороон-чапкын менен деле иши жок, тек гана өйдөдөн шооласын чачып жаркырайт.

– Мен кетишим керек – деди аял дуулдаган шамалдын үнүн тыңшап, тептегерек айды тиктеп отуруп. Ушул да жашообу...

– Каякка кетесиң? Кимге?

– Сөзсүз эле бирөөгө эмес... эркиндикке кетем.

– Балдарыңчы...

– Балдарым... балдарым үчүн тирүүнүн тозогунда жашап атам! Ушул жерде! Аларды алып кетем.

– Кесир кылба. Шүгүр келтиргенди билбеген үчүн ушунча азап тартып атасың. Сендейлер кудайга да жакпайт.

– Тажадым сенин акылдуулугуңдан... – аял чарчаңкы үн катты. – Кайдыгерсиң... ушу ахыбалымды көрүп туруп да түтөсүң ошого, мен тирүүнүн өлүгү болуп баратам. Сага эмес, өзүм өзүмө эле керек экемин.

– Эч нерсеге өкүнбөйм ! – ызырынды эркек, – Мен үчүн бул дүйнөдө баарынан улук, баарынан ыйык нерсе – энем! Түшүндүңбү??? Калганын урганым жок! Энем үчүн баарын садага чаптым!!!

Далай ирет уккан ушул сөз азыр аялдын ачуусун келтирген жок, тек гана сөз тууралуу чындап ойлонду, түшүнгүсү келди, а түгүл береги бетинен жаалы чыккан эркекке да чын пейилинен түшүндүргүсү келгени...

– Максатың эле энеңе кызмат кылуу болсо, чын эле сага андан бөлөк улуу да, ыйык да иш жок болсо... анда эмнеге буга мени аралаштырып алдың эле??? Мен бу дүйнөгө сага кошулуп алып сенин энеңе кызмат кылуу үчүн келген эмесмин да? Түк да каалаган эмесмин мындай нерсени! Менин башка да максаттарым бар экенин сен жакшы билчүсүң...

– Энем үчүн баарын садага чабам дедим го!

– Садага чапмактан чаба бер апаңа, өзүңдүн башыңды! Буга менин тиешем жок...

– ... Сен менин аялымсың!

– Эмне экен? Энеге кызмат кылуудан бөлөк бир да максатың жок болсо, жок болсо... анда эч качан үй-бүлө күтпөшүң керек эле! Мен сен болсом ошентмекмин. Өз максатыңа башкаларды аралаштырбаш керек!

Ай төгүлгөн терезенин бурч-бурчунан шамалга термелген дарактардын бутактары караңдайт. Шуулдаган-дуулдаган добулдун үнү ансыз да араң турган жүрөктү мыжып, белгисиз жактарга чакырат... Ай, ай болсо теп-



тегерек, сулуу... шооласы теребелге тегиз чачып жаркырайт. А булардын сөзү башталганы менен ар дайым аягына чыкпай калат, азыр да ошентти.

Аял ушу тапта баарын таштап безип кеткиси келди. Баарынан кече качкысы келди! Береги үйдүн төрт дубалы төрт тарабынан кысып аткансып, жан-дүйнөсү жанчылып чыкты. Ай болсо тептегерек... Шоола чачат. Кетсе болот эле... Ал азыр эч нерсе жөнүндө, ыйман жөнүндө, ынсап жөнүндө жана башка жашоодогу ыйыктыктар менен бийиктиктер жөнүндө ойлонууга дарамети да келген жок, баарын таштап кеткиси гана келди ушул каргыш тийген жайдан.

* * *

Эртеси мышыкка жаккан сулуу адам, тынч адамдын түгү тетирисинен айланып калган кези экен... Түксүйүп мурут-сакалы бириндеп, тынбай ары-бери басып аткан ал бир кезде муштумун түйө, түз эле аялды көздөй басты. Дал маңдайына барып, муштумун мээлей ызырынып атканда мышыктын денеси жыйрыла түштү өзүнчө эле! Бир жаман нерсе болорун туюп, селт этип, эрксизден «бау!"деп үн чыгарып алды. Бирок ага көңүл бурчу жан жок эле азыр. Бакырып аткан адамдын үнүнөн тажагансып, аял дал маңдайында албууттанып аткан эркектин көздөрүн, андан ары түйүлгөн муштумун көңүлсүз карап койду. Ушунчалык көңүлсүз карады. Мышыкка окшоп чочуп, жыйрылган деле жок. Мындай кайдыгер көздөр эртең-бүрсүгүнү түгөнчү макулукта эле болот... Мышык дал ушуну билчү, тээ баягыда өзү да өлөрүн санап калбады беле..! Баарына кайдыгер тартып. Анда мышык денесинин жанчылганына эле эмес, жазмышы, адамдарга

болгон таарынычы ушунчалык чоң болгондуктан улам, жашагысы келбей, көздөрү кайдыгерликке батып, ошол бойдон өз өлүмүн күтүп жаткан.

... Бактылуу мышыктар өлүмдү антип жайма-жай күтө алмак эмес.

Аялдын көздөрүндөгү муздактык менен катар бейтаалай жазмышты эчак кабылдап койгон кашкөйлүктү көрүп, эркектин муштуму да, өзү да шалдырай түштү. «Көкбет!.. Бактылуу болууга каалоосу да жок!»

– Азап болдуң го азап!... – аялга буулуга сүйлөдү да, тез-тез басып эшикти тарс жаап чыгып кетти.

* * *

Мышыкты бооруна аяр кучактап, башынан сылап коюп, бирдемелерди шыбырап отурду аял. Анын эмне айтканын сөзмө-сөз түшүнбөсө да, бул макулуктун тээ түпкү сезимтал туюму мынабу аялзааданын ичинде ушунчалык чоң ыза, бук менен арман жатканын туйду, ошону айтар жан кишиси жок, өзүн жакын тутуп тургамын да сезди. Аялды жубаткысы келгенсип, колун, билектери аяр жалап-жуктап, сыланып-сөйкөнүп атты, кырылдай баштады. «Кырррр-бырррррр-кырррpp-бррр...». Мышык аялдын жүрөк тушунда бырылдап жатты. Анын бир калыптагы бырылдаган жумшак үнү аялдын ачуусун, ызасын азайтып, оюн бир чекитке топтоп атты. Кайра баштан көп окуялар, сөздөр жадында кайталанып, көз алдында чубурду...

«Сыйынууну билбегендер кудайга жакпайт» дешти алар, билбейт имишмин, ошон үчүн жакпайт имишмин, жакпаганым үчүн оорукчан болупмун, булардын айтымында. Бирок ошенткендин өзү не?.. Бирок, аларга такыр



эле таарынууга да болбойт, алар башынан эле төрт бурчтуктун ичинде жашайт, сен билесиңби төрт бурчтук эмне экенин, төрт бурчтук деген төрт тарабы келишкен төрт бакыт экен... Мен ага батпай атам бирок, батпай койдум. Чарчадым!!!».

* * *

... Ошондон көп күндөн кийин аял мышык менен коштошту, адатынча алдына алып отуруп башынан сылады. Ичинен ага көп нерселерди сүйлөдү. «Камтама болбо... келе тургандар, алар мышыкты пайгамбар да сыйлаганын билген, пайгамбар тууралуу көп сүйлөгөн адамдар экен. Сени капа кылышпас деп ойлойм... Мен пайгамбар тууралуу жакшы билбейм чын, бирок мышыкты сыйлаганын көп уккандыктан, кең пейил, боорукер, баарынан да сулуу адам болгонун көп уккандыктан жакшы көрөм аны. Сен жаңы кожоюндарыңды да өзүңдүн ойноок көздөрүң менен, кызыктай адам таанымың менен, төрөпейил мүнөзүң менен таңдандыра алсаң экен э! Мага сүйкүмдүү болгондой эле, аларга да сүйкүмдүү көрүнө алсаң экен. Алар, мышыкты сыйлаган пайгамбар жөнүндө көп сөз кылган адамдар экен. Мен болсо сени мага ишенгениң, унчукпай, түшүнгөн немече сыр бербей уга алганың үчүн сагынарымды билем». Ушунун баарын ичинен, кулуя гана айтты аял.

Адамдар менен жылдап-жылдап чогуу жашаса да, мышык алардын дүйнөсүндөгү бактылуулук менен бактысыздыкты өз жашоосунун аягына чейин ачыктап түшүнө алган деле жок, бирок туюму аны ар дайым мүнөзү бейпил адамдарга жетелечү. Кийин адамдардын кандай

экенин алардын көздөрү аркылуу аралыктан эле сезиптуюп, ачуулуу жандардан коркууну, мээримдүү жандарга жакындап эркелөөнү үйрөндү.

Күндөрдүн бир күнү ал тентимиш жашоонун кыныгын алып, негедир жапайы мышыкка айланып кетти. Ар кайсы тамдын чатырынан көгүчкөн, уялардан жумуртка, балапан сыяктууларды таап жеп жүрдү, жырткычтык насили менен тамактан өксү болгон жок. Жапайылык жашоо канчалык жакса да, кез-кезде өзү башпаанек кылган баягы үйдү айланчыктайт, эшиктен кирип-чыккандардын арасынан ошол бир кызыктай мүнөзү бар, сүйкүмдүү айымды көргүсү келип, ага бир аз болсо да эркелеп алгысы келип, адам мээримин сагынат. Жапайычылык сыяктанган эркин жашоо кээде адамдарга деле жагарын кайдан билсин, кай бир күнү келип калабы деп үйдү айланчыктап жүрөт да, кайра көп күндөргө чейин белгисиз жактарга жоголот. Кайра күтөт...



# ШААРЧАДАГЫ ЖАЗ

Жаан жааган түндүн эртеси ансыз да тамтыгы кетип турган тротуарлардын үңкүр-чуңкурларын толтуруп, чоң-кичине көлчүктөр жол бетин бербей жайнап кетиптир. Өтүкчүдөн кайтып келе жаткан кыз колунан жетелеген агасынын төрт-беш жаштар чамасындагы баласын дал бут алдындагы жайылып, мелтиреп жаткан чоң көлчүктөн кантип алып өтөрүн ойлонуп, бир саамга токтоп калды. Оюн жыйып үлгүрө электе кимдир бирөөнүн карылуу колдору наристени шап эте илип алып, «оппаaa!» деп көлчүктүн аркы бетине коё салды да, анан аларды карап жылмайып коюп, андан ары жолун улап кете берди. Кыз аны тааныды. Төртүнчү кабатта жашаган коңшу киши болчу. Ага ырахмат айтмак түгүл баш ийкегенге да үлгүрбөй, артынан бир топко карап турду да, анан эсине келе түшүп, көлчүктөн өзү эптеп өтүп, баланы жетелеп жөнөдү. Экөө кудуңдап тиги кишиге аябай ыраазы болуп баратышты.

Ошол күндөн баштап бул кишиге урматтоо пайда болуп, көргөн жерде аны менен билинер-билинбес баш ийкей, учурашып калчу болду. Анын эч кимге ачыла бербеген түнт мүнөзү, эл менен алака-катышынын сейректиги, жалгыз жашоосу кээде кызды таң калтырат. А түгүл кызык сезилет. Бул үйдүн жашоочуларынын ал киши менен анчейин мамилелери жок. Болгону, кез-кезде гана

аялдар ошол киши тууралуу күбүр-шыбыр бирдемелерди сүйлөгөн болушат, бирок анын бар-жогуна эч ким оңчулуктуу маани бербейт.

* * *

Кер какшык аралаш сүйлөнгөн кекээр сөздөрдөн улам көңүлү зилдеп, кеч күүгүмдө үйгө батпай тышка чыкты кыз, таза абадан кере-кере дем алгысы келди. Студент экенине, эбак ой токтотуп калган акыл-эстүү кыз экенине деле карабай бул үйдөгү жакындары муну атайы байкамаксанга салып, басынта сүйлөшөт. Өздөрүнө жараша кеп кайтарса бир топ күнү балээге каларын билип, унчукпай коюуну адат кылып алган. Ата-энеси тирүү болсо ушулардын жанында жашабас эле эгерим!

Кабат үйдүн маңдайындагы эски, бышык отургучта, үйдүн терезелеринен түшкөн жарыкты пааналап, анда-санда өзү жашаган алтынчы кабаттагы батирдин терезесине тигилип коюп жалгыз олтурган.

– Үшүгөн жоксуңбу? – деген бейгам үн кыздын оюн чачыратып жиберди. Баягы коңшу «куткаруучу киши» экен. Унчукпай келип кыздын жанына катарлаш отурду да, тамекисин күйгүздү. Кыз кишиге билгизбей көз жашын жеңине аарчып алды.

– Эшик суук болуп турат, жаз толук келе элек да – деп койду ал тамекисин үйлөгөнчө. Кыз негедир кайрадан ыйлагысы келип буулугуп чыкты, өзүн алаксытмакка коңшу кишинин сөзүн коштоду.

– Ийи... Жаз келе элек, суук экен.

– Сен бешинчи кабатта турат окшойсуң?

– Мм... жоок, алтынчы кабатта.

– Жаздын суугу оңой эмес, сыртта көп отурбаш керек.



– Мен азыр эле чыккам үйдөн...

Киши ийинин куушура, өзүң бил дегенчелик кылды да, тамекисин тартып бүтүп ордунан турду. Кетүүгө камынып алып кайра кыйылгансып туруп:

– Менин үйүмө кирип чыгасыңбы же? Өзүм тарткан сүрөттөрүм бар, көрөсүңбү? – деди.

«Ооба, көрүп чыгам» – кыздан биринчи анын ички үнү жооп берди. «Көрүп чыккым келет» дегенди ичинен ойлонсо да сыртынан тартына түшүп:

– Азырбы, билбейм... – деп буйдала түшүп, арсар жооп берди эле киши унчукпай кетмекчи болду. Эмне дерин билбеген кыз сөзүнүн аягына чыкпай эле, анын аркасынан унчукпай ээрчип алды. Ушу тапта ага жөн эле кимдир бирөө керек болуп турган. Эмнеге ээрчип баратканын да ойлонгусу келген жок. Болгону көңүлүн ыза-дүрбөлөңгө түшүргөн оор ойлордон алаксытса... Алар кишинин батирине тез эле жетти. Босогону аттаган кыз зор ынтаа менен үй ичине көз салды, ээсинен башка эч кимди таанылбаган, күтпөгөн күңүрт бөлмөлөр кызды кайдыгер тосуп алды. Жупуну көрүнгөнү менен эч жерден кездештирбеген бир бейпилдикти кездештирди кыз бул үйдөн. Бөлмөлөрдүн жарыгын толук жандырып чыккан үй ээси чала жабылуу турган терезе пардаларын түздөп жаап, анан кызга баш ийкеди

– Кел, кире бер... – алар капталдагы бөлмөгө башбагышты.

– Ай-ииий!.. – Сүйүнүчтүү унчуккан кыздын каректери жайнай түштү.

– Ушунун баарын сиз тарттыңыз беле!

Киши кызга отургуч коюп берди да унчукпай кисти, боекторун жыйнай баштады. Алар кирген бөлмөнүн ичи

иретсизирээк, сүрөтчүнүн күнүмдүк колдонгон нерселери туш келди чачылып, боёк жыттанып турду. Бөлмөнүн ичиндеги түркүн түс, ар бири өзүнчө ажайып тартылган сүрөттөрдө кыздын каректери жүгүрүп жүрдү. Анан өзүнөн өзү уялып, кысылып чыкты. Ашыкча кыймыл жасоодон да чочуп, азыр бирдеме деп сүйлөп жиберсе же кыймылдаса, көз алдындагы сонун дүйнө, көрүнүш уча каччудай болуп, сүрөттөрдөн көз албай тиктей берди. Тиги киши бирдемелер менен алек болуп атып сурап койду:

– Кандай? Жактыбы сүрөттөр?

– Жакты, кызыктуу экен...

– Ыракмат, азыр сага чай апкелип берем, сен шашпай көрүп тур... Кааласаң, сүрөт тартып атканымда да көрсөң болот, бирок мен үйрөтө албайм – ал өзүнчө эле ыңгайсыздана жылмайып койду. Аны биринчи жолу жакындан, жарыкта көргөнү ушул болду. Көздөрү көгүлжүм – күрөң тарткан, каштары коюу, буудай ыраң, болжолу кырк беш жаштын тегерегиндеги сулуу адам экен.

– Мен үйрөнүүгө кызыккан жокмун, – деди кыз биринчи жолу уяңдыгын жеңип толук сүйлөп:

– А сиз жалгыз жашайсызбы?

– Жалгыз жашайм, – Киши негедир шашып жооп берип, андан ары сөзүн уланткысы келбей чыгып кетти. Көп өтпөй эки кружка чай алып келди. Кыз эми сезди үшүгөнүн, чыйрыгып калган экен. Экөө унчукпай картиналарды тиктеп отуруп чай ичишти. «Кетишим керек эле» – деп ойлоду ичинен, бирок дубалда илинген, жөлөнгөн, текчелерде коюлган сүрөттөрдү тиктеп, кетпей отура берди. Баарынан да кызды көбүрөөк арбап турган тиги күздүн сүрөтү болду. Айлана кызгылтым-сары, жалбырактар



жерде төгүлүп жатат. Коөздук. Тыптынч. Сүрөттүн өзүндө мемиреген тынчтык сезилет. Андай жерде эч ким эч кимге ачуулана алмак эмес. Ошондой жерде да бирөө-бирөөгө ачуусу келмек беле?! Элестет, – деп ойлонуп отуруп, өз үйүн эстеп муңайып кетти. Кайрадан сүрөттөргө тигилди. Тиги бокалдагы мөлтүрөгөн ичимдиктер зор ынтаа менен тартылса керек. Аны тартып олтуруп сүрөтчү өзү да суусап, шарап ичкиси келип чыккандыр ээ?!

– Сизди издеп калышпас бекен?.. – деген кишинин кабатыр үнү чочутуп жиберди.

– Чын эле! Кетишим керек...

* * *

Үйүнө келе жатып кыз «анын жашоосу кандай жакшы...» деп ойлонду сүрөтчү киши тууралуу. Анын үйүндөгү, жашоосундагы бейпилдикке чындап көз артып, суктанды! Качандыр бир өзү да ага окшоп өзүнүн үйүндө жалгыз, тынч жана каалаган иши менен алектенип жашай алар бекен? Ошентип жашоону самап кетти. Жашоосу дал ушул коңшусунун жашоосундай болушун самады! А түгүл үйүнүн күңүрттүгү да, терезе пардалары да, чай ичкен чынысы, ошол чынынын ичиндеги чайдын жагымдуу даамы да дал ушу кишиникиндей болсо! Өнөрканасычы? Эгер ушундай мүмкүнчүлүк болсо, ал эмне менен алек болор эле? Кыз эми өзү жөнүндө ойлонду, эмнени жакшы көрүп, эмнеге кызыгары тууралуу жакшы деле билбейт экен. Кудайдын куттуу күнү таң атпай сабагына жүгүрөт, анан тапшырмалар үчүн китепканага жүгүрөт. Болгон жашоосу ушул – окуу, үй, үйдөгү бүтпөгөн түйшүктөр. Агасынын үйүндөгү болгон түйшүктүн баары анын мойнунда...

Кийин, ара-чолодо убакыт таап сүрөтчүнүн өнөрканасына башбагып турууну адатка айландырып алды. Кыздын кутүүсүз эшик кагып кирип барганын анчейин элес албайт сүрөтчү. Кылчая карап баш ийкеп учурашкан болот, кез-кез жылмайып коёт... Кыз демин ичине алып, анын берилүү менен иштеп жаткан картинасын тиктеп бир топко отурат. Кишинин жасап жаткан иши да, турпаты да жагымдуу. Карап эле отура бергиси келет. Жанынан кеткиси жок. Бирок кыздын келгенинен кеткени тез, жарк этип кирип келгени кандай күтүүсүз болсо, кайсы убакта жылт коюп чыгып кеткенин да сезбей калат сүрөтчү.

– Быйылкы жаздын сирендери укмуш гүл ачты. Мен сени сирень гүлү менен чогуу холстко түшүрсөмбү деймм, эгер сен тынч отуруп бере алсаң... – деди бир күнү кызды чай жана таттуу менен сыйлап аткан киши. Ал кыз үчүн дайыма таттуу сатып келип койчу.

– Мениби? – кыз ынтызарлык менен анын көздөрүнө жадырай тигилди. Сүрөтчүнүн көз карашынан чын пейилден айтылган сүрөткө тартуу тууралуу сунуштан башка эч нерсе таба албады. Демек чын айтып турат.

– Ооба, сени тартам, көрөсүң го сулуу кылып тартам, сулуу эмессиң дечи, бирок мен сени сулуу кыз кылып тартып кое алам! – деди тамашалап.

– Качан? – кыздын каректери балбылдай түштү. «Карасаң муну, кудум эле наристедей... Наристе эмей...». Кишинин ичи элжиреп, ойлуу жылмайып отурду кызды карап.

– Кааласаң эртең эле баштайбыз, болгону сенин сабактарыңа, убакытыңа карайбыз. Башка көйгөй жок...

Кыз эртеңки күндүн келишин, бир тутам сирень гүлү салынган вазанын жанында күлгүн түстүү, балким



ак түстүү көйнөкчөн болуп, сүрөтчүнүн маңдайында олтурганын элестетип уйкусу качып, түнү бою түйшөлүп чыкты.

Бирок эртеси, андан кийинки күндөрү деле сабактан, үй жумуштарынан бошобой, сүрөткө тартылуу үчүн кенен, жарытылуу убакыт таба албай жүрө берди. Сирень гүлдөгөн маал дагы аяктап бара тканын баамдабады. Алар ошол сүрөттү май айынын акыркы күндөрү араң башташты. Тартуу иши башталган күнү кыз ак булаңгыр көйнөкчөн келди. Киши аны дайыма өзү келгенде отурчу жупуну, бирок ыңгайлуу отургучка кыйгачынан отургузуп, татынакай буттарын кайчылаштыра түзөп, колуна сирень гүлүнөн жасалган чакан гүлдестени карматты. Бул сирендер да ушул жылдын акыркы гүл ачкан сирендери эле. Сүрөтчү бирде кыздын сол жагына, бирде оң жагына өтүп, баам сала карап, кайра алыстан бир тиктеп, убараланып атып акыры бир ойго токтолду да: «Ушундай отур, ашыкча кыймылдаба» деп тартуу ишин баштады.

Улам чарчаганда кыз экөөнө чай же кофе алып келет. Кээде алар болбогон эле бир нерселер тууралуу сүйлөшүп, окшошпогон, коошпогон тамашаларды айтып каткырып күлүп калышат. Киши негедир кыз тууралуу кенен билгиси келбегендей, анын университеттеги окуусу, үйдөгү жашоосу тууралуу сурабайт. А иш учурунда болсо болгон дити кызга бурулуп, керек болсо кыздын ар бир тал чачы да ага маанилүүдөй тиктеп, кистисин шыпылдатат. Бирок кыз сүрөттү такыр көрө албай койду. Канчалык суранса да, сүрөтчү ага али тартылып бүтө элек эмгекти көрсөтүүдөн баш тартты. «Толук аяктаганда көрөсүң, азыр эмес» – деп койду көшөрүп... Жай кирип келе жатты.

* * *

– Сен тигил сүрөтчүгө шынарлай бергениңди токтот, ал сага күйөө болуп бербейт. Же эмне бизди байкабайт, билбейт деп ойлоп жүрөсүңбү?! Жөн койсо биротоло ошонун үйүнө кирип алмай болдуң. Кошуналар кеп кылып атышат канчадан бери – деди бир күнү жеңеси.

Кыз сырын алдыртып ийген немече апкарый түшүп, анан бар дити менен өзүн, тиги кишини да актамакчы болду:

– Андай деле эмес... Ал улуу киши эмеспи!? Болгону, ал көптөн бери менин сүрөтүмдү тартып бүтө албай жүрөт.

– Хм... Ал сага эч ким болуп бере албасын билген үчүн сени тыйбай жайыңа койдук да. Бирок эми, сен да эстүү бол, макулбу? Кеп анда эмес.

– Эмнеде?

– Жакында үйгө жуучулар келет экен сен үчүн... Жигит менен таанышып көр. Ыраматылык ата-энеңдин арбагы ыраазы болсун үчүн сени жакшы, жайлуу жерге турмушка узатуу агаң экөөбүздүн милдетибиз. Мени жөн кой, агаңдын сөзүн эч кимибиз эки кыла элекпиз. Эми улам-улам тиги кишинин үйүнө барганыңды кой. Уят.

«Жуучу», «жигит менен тааныш» деген сөздөрдөн кийин кыз сүрөтчү жөнүндө, сүрөтү жөнүндө ойлоого, жеңесине жооп кайтарууга да чамасы келбей, мелтейип тунжурап калды. Демейде деле жеңеси экөө көп сүйлөшчү эмес. Өзү эзели жеңесине жакпасын жакшы билчү. Бир аз күн өтүп-өтпөй чын эле бейтааныш адамдар конокко келди. Шаан-шөкөттүү. Бакытты колдоруна кондуруп алып ушул үйгө, ушул кызга алып келишкенине өздөрү да ишенип отурушту алар.



* * *

Бир жумадан бери жаан тез-тез жаап атат. Жакында күз келет. Сүрөтчү али да тартылып бүтө элек кыздын сүрөтүн тиктеп ойлуу олтурду. Акыркы күндөрдө бул жаш кыздын маанайы начар, баштагыдай көп келбейт. Кез-кезде сүрөттү улантталы деп келет, бирок эми-эми тартып баштаганда эле буулугуп, көзүнө жаш тегерене баштайт... Кеч күздүн булуту түспөлдөнүп түнөрөт да турат. Көздөрүнөн терең бир санаа менен өксүк байкалат. Ушундай маанай менен кантип иштөөгө болсун? Сүрөтчү ичинен туталанып кетет.

– Сага эмне болду тентек? – Ал кызды ушинтип эркелетип койчу.

– Бирөө капа кылдыбы?

– Жок...

Сүрөтчү кыздын маанайын ар түрдүү өңүттө да сурап көрдү. Кыз ачык-айкын эч нерсе айткан жок.

Бул ортодо кишинин да жүрөгү көп ооручу болду. Ачыгы, акыркы күндөрү кыздын келбей эле коюшун, сүрөттү да улантып тартпай эле коюуну каалап калды. Келбесе экен... Келип дагы себебин айтпай, жүрөктү оорутуп ыйлабаса экен – деп гана тилейт. Бирок бөлмөнүн бир бурчунда турган кыздын чала тартылган сүрөтү кишини дайыма кыжалат кылат. Бош боло калганда сүрөттү тиктеп отуруп: «Байкуш, али өзү да көрө элек. Мен анын агыш көйнөгүн кызыл көйнөк кылып, чачтарын тармалдатып тартып койгонумду көрсө укмуштай сүйүнмөк. Ага тармал чач жакшы жарашат экен чынында, өзү да жакшынакай кыз...» – деп ойлонот.

* * *

Күйөөгө узатар күнү аны абдан жасантышты. Ошол күнү биринчи ирет аялдардын сулуулук салонуна кирип көрдү кыз. Бир заматтын ичинде чачынан баштап кирпигине чейин шөкөттөлүп, таптакыр өзгөрүп чыга келди. Өзүн күзгүдөн карап, негедир жат бирөөнү көргөнсүп, ыңгайсыздана, көңүлү толбой турду. «Бул такыр мен эмесмин...» – деди ичинен күбүрөнүп.

«Бул такыр мен эмесмин го, таптакыр чоочун бирөөгө окшошуп калдым. Буга караганда өзүм эле дурус болчумун... Ай-ииий! Бетимдин бозоргону кантет? Көзүмчү? Мынча кейпим келишип калган? – деп кейиди. Бирок аны эч ким угуп койгон жок.

– Баары сонун болду!

– Бол батырак!

– Кечигебиз! – деп туш-туштан кыз-келиндер ызылдап, ортого алып жүрүп кетишти.

Күйөөгө узатылып жаткан салтанаттуу мүнөттөрдө санаа аралаш белгисиздиктен эс-мас боло, ушунун баарын өңүндө эмес түшүндө болуп жаткан окуядай кабылдап, деги эле өзү бул окуяга таптакыр тиешеси жок, жат бирөөдөй четтеп турду кыз. А берегi кызга күйөө болчу жигит деле элге аралашып кошо дуулап, эл күлсө кошо күлүп, эч тартынбай кеп-сөзгө аралашып жүргөнүнө суктанды. Таанышып, эки-үч курдай сейилдешти буга чейин. «Жакшы эле жигит. Бирок...».

... Ошол «бироктун» эмне экенин кыз азырынча өзү да түшүнө алган жок.

Сыртта да ыр-бий жаңырып, чөйчөктөргө шарап куюла баштады. Азыр биротоло узатышат... Бир учурду пайдаланган кыз атайын эле жанындагыларга угуза:



– Мен азыр келем. Бир нерсени унутуп калыптырмын – деп подъездге чуркап кирип кетти.

Туура төртүнчү кабатка көтөрүлүп, сүрөтчүнүн каалгасын бар күчү менен каккылап жиберди. Киши да анын келерин билгенсип эшигин тез ачты.

– Мен, сени таарынып калбасын дедим, коштошуп кетейин дедим... – кыз күнөөлүүдөй жер карады.

Киши унчукпай кызды бооруна бекем кучактады. Кыздын мурунy анын ийиндерине кептеле түштү. Эс тартканы биринчи жолу эркек адамдын кучагында турган кыз сүрөтчүдөн мээримди сезди. Ачуу тер, боек жана одеколон аралашкан кишинин жыты кыздын башын айлантып жиберди. Ушул жыт кудум атасынын жытындай сезилип, ушу тапта сүрөтчү эмес эле өз атасынын кучагында тургансып, өз атасы менен коштошуп жаткансып эркелеп ыйлап кирди. Эртеден бери же сүйүнөрүн же күйүнөрүн билбей ар кимдин оозун бир карап, ар кимдин ыгы менен болуп, элдир-селдир жүргөн кыз ушу саамда ачуу ызалыктан, ачуу өкүнүчтөн улам өзүн таштап жиберип, канча айдан, канча күндөн бери төгүлбөгөн көз жашын төгүп алды. Киши унчукпай, эч нерсе деп жооткото албай, тек гана кызды бекем кучактап тура берди. Сыягы ал да ыйлап атты окшойт, денеси билинер-билинбес дирилдеп турду. Кыздын оюна койсо, азыр сүрөтчүнүн жанынан эч кайда жылбас эле! Бирок акыл токтотуп калган адам кыздан өзүн бир аз алыстатып, жүзүнө тигилди да, билинер-билинбес жылмайып:

– Эми барышың керек. Үйгө кирип жүзүңдү чайкап ал – деди.

Кыз өзүн күзгүдөн карап алып күлүп жиберди. Бет боёкторунун баары көз жашка жуурулуп, аралашып, бети ботала болуп турган экен. Жанатан бери аны карап, баа-

рын байкап турган сүрөтчү мээримдүү, бир түрлүү кайгылуу жылмайды. Жүзүн боёк аттуудан толук арылтып, таптаза жууп салып, кадимкидей жеңилдей түштү. Жуп чыгарында киши кызды этият кучактап, жүзүнөн сүйүп коймокчу болду, бирок кыз ийменип жер карай берип жүзүнөн эмес, капысынан саамай чачынан сүйдүрүп алып апкаарыган боюнча эч нерсе айтууга чамасы келбей чыга жөнөдү.

Анын тепкич ылдый түшүп бараткан жеңил кадамдарын тыңшап, көпкө турду сүрөтчү. Бул киши кусалануну ушунчалык жаман көрчү, кусалыктан кадимкидей коркор эле. А азыр кайдан-жайдан кусалык каптап келатты...

* * *

Кыш жакындап, бир мезгилден экинчи мезгилге оошуп аткан табият бир топ ырайы кетип, жалбырагы күүлүп бүткөн дарактар арбайып, шаардын ар кай бурчунан топ-топ болгон каргалардын каркылдаган «хору» угулат. Эшик суук. Көчөдө жаздагыдай жайбаракат, жашоого эркелей каткырган жаштар азыр көрүнбөйт. Адамдар тынымсыз кайдадыр ашыгат. Сүрөтчү бүгүнкү күн менен эмес, эртеңки күн үчүн да эмес, арасат бир өмүр кечирип калды. Ой-санаасы чачылып, эч бир иштин аягына чыга албай отуруп чарчап кетчү болду. Ушундай күндөрдө кызды гана эстеди. Эстебей коюуга аракет кылган сайын көп эстеди. Балким агасынын үйүнө төркүлөп келип калар деп күттү. Бирок кыздын караанын көзү чалган жок. Артына бир кайрылбоого, караанын таптырбоого сөз берип кеткен белем?...

Бирок... Кудайдын мээрими түшкөн бир ажайып күнү сүрөтчүнүн эшиги тыкылдады. Каалганы какканынан эле ким экенин тааныды. «Ошол, ошол...» – деди калдастап.



Ордунан атып туруп, эшикке жетип барганын бир билет. Каалганы ача салып, маңдайында турган кызды бекем кучактап калды. Же ал өзү бой таштадыбы, акылы ажырата албайт. Аны ушунчалык сагынган экен көрсө! Кудум бир боорун, жан досун, ата-энесин зарлап күткөн адамдай кусаланыптыр...

– Келдиңби...

Алар бирин-бири көргөнүнө сүйүнүп, эркеген кректери жаш чайыган бойдон саамга тиктешип туруштү.

– Мен сага биротоло келдим – деди кыз анан. Башын көтөрбөй, башын көтөрсө эле камдап келген сөзүн айталбай калчудай болуп, пас үнү менен:

– Сени ушунчалык сагындым, сага болгон меникиндей сагыныч менен бөлөк бирөөнүн жанында жашоого мүмкүн эмес экен... Мага сенден бөлөк эч кимдин кереги жок.

... Алдыда кандай ызы-чуу, чуулгандуу окуялар күтүп турганын баамдаса да ушул жолу сүрөтчү кызга баштагыдай акыл айткысы келген жок, андан көрө, өзүнө караганда кыздын акылдуурак экенине чын дилинен ишенгиси келди. «Баарына чыдайм, бир гана сени кайра узатууга эмес... Сүрөтүбүз да тартылып бүтө элек, оюма койсо мен ал сүрөттү өмүр бою тартып отура берүүгө даярмын» деди ой түпкүрүндө.

– Тентек, тентегим менин! Үшүдүңбү? Кирип ордуңа олтурчу, үшүп кетипсиң. Азыр мен сага ысык чай менен таттуу...

Берерге ашын, айтарга сөзүн таппай калдаңдаган кишинин сүйкүмдүү турпатын карап туруп, кыз өзүнө мындан ашкан бакыттын кереги жок экенин сезди ушул саам...

*(Апрель. 2023-ж)*

## ШООЛА

«Өлөм!» дечү буулугуп, туталанып кээде. «Жараткан, бул эмне деген тагдыр? Бул эмне деген тозоку өмүр! Ушинтип жашагандан көрө өлүп калган алда канча жеңилирээк болмок. Тагдырың менен жерге кир!? Кимге керегги бар мындай супсак, мындай муздак жашоонун? Кимге!?» – дээр эле үнү Жаратканга жетчүдөй.

– Ии.. ? – деди, Тагдыр бул ирет тээ көкүрөк түпкүрүнөн үн салып... – Көрдүңбү!? Азап менен тирүүнүн тозогу кандай экенин көрдүңбү эми? Арман кандай болорун, кайгынын кара күйүтү кандай оор болорун сездиңби? Көрө элек болсоң, көзүңдү чоң ачып көрүп ал. Көр, көрүп ал бейжай...».

Ал ушул ирет чындап эле кайгы менен көзмө-көз келди, келмек тургай колуна кармап, кучагына аяр кысып да турду. Кулатпай жөлөп-таяп турганы, аяп турганы – сексен жетидеги таенеси. Байкушта ыпым салмак жок , буладай жепжеңил, алсыз, үзүлбөгөн эле ысык жаны бар бечара кемпирдин териси менен эле сөөгү калгандай... Ага деле карабай, алынын барынча тырмаландап, боз үйдүн сол капшытында, көшөгөнүн артында созулуп жаткан уулунун жансыз денесине бой урат эне!!! Бар күчүн, бар алын жумшап ошо жакка жүткүнөт!..

– Өөөөүүү!.. Ооо-уу!!. – деп армандуу какшайт. Эчкирип эт-бетинен кетип, бар үнү менен озоңдогусу келет,



сөөлдөй күчү болсо кана, ага деле көкүрөк толо дем керек окшобойбу! Байкуш кемпирдин ай-ааламды буза арман чапчымагы кайдаа-а! Араң чыккан алсыз үнү менен ачуу сыздады, кошок кошмок түгүл сөз сүйлөөгө чама-чаркы келбей, тек гана үңүлдөгөн күйүттүү үнү менен тынымсыз боздоп жатты кучагында. Эненин көкүрөгү эңшерилип турду...

– Көрдүңбү...? – деди Тагдыр, буга кайра-кайра эсине салуудан тажабаган бир соболун дагы да узатып: – Көрдүңбү эми, кайгынын өң-түсү кандай болорун?

– Көрдүм!!! Оо, көрдүм дейм, шум тагдыр! Көрдүм! Көрбөй көзүм соолуп түшсөчү! Жүрөгүм ай... Байкуш таенем! Шоруң мынча кат-кат!? Жаратканым, өзүң жардам бер! Аячы бечараңды!

Ушул тапта ызы-чуу, ый-кошокко толгон боз үйдүн ичинде уулунун сөөгүнө улам бой урган, карылыктан чүкөдөй болуп калган энени кучактап отуруп, эбак жаны үзүлүп, созулуп жаткан таекесинен да бу кемпирдин күйүтүнө дили сыздап, кемпирди аяп ыйлап жатты. Жүрөгү эзилип, жарыла жаздап турду! Карылыгы жеткен кучагындагы эненин күйүтү ага өтмө катарынан өтүп, эне сезгенди сезип, эне туйгандын баарын туюп, таенесин бекем кучактап, болгон үнү менен боз үйдү башына көтөрө ый аралаш бакырып-бакырып, өксүп алды.

– Садага болоюн таенем! Садага болоюнум..! Эми кантер экенсиң.. ! Байкуш таенем ай!

... Маркум бу кемпирдин өлгөндөн калган жалгыз эркек баласы эле. Кариет, кыздары деле бар албан-субандай, дөөлөтү менен бир-бирине теңтайлашкан. Бирок кемпир эркек баласына жан тартып, жакын көрчү. Кезинде төрт кыз, эки эркек баланын энеси болду. Эки эркеги-

нин бирөө чырактай кезде, көзгө толгон улан кезинде кырсыкка кабылды, катыгүн! Жайлоодо жүрүп, азоо айгыр ала качып, үзөңгүдөн буту чыкпай сүйрөлүп, таштанташка урунуп мерт болгон. А күйүт күнү бүгүнгө дейре өзөгүн өрттөп келет эне кургурдун!

Бир курдай кеп курган...

– Атчан too кыялап келатсам, алдыман бир жалаңгычтай эме чыкпадыбы кокуй, өзүм Аккулду ойлоп кейип, ичтен сызып келаткам, капталымдан, киши бою өскөн чийлердин арасынан үстүнө жалбырак-жулбуракка окшогон бирдемкелерди самсаалатып илип алган, не кишиге окшобойт, не айбан эмес, тири укмуш эле бир желмаян көрүнду көзүмө. Түбүң түшкүр, «Аккулду алган менмин! Мына мен алгам!» – дебедиби! Корккон деле жокмун, чыйралып, эч нерсеге карабай ат тизгинин ошо тарапка бура салып жүрүп бердим. Жок... Бир заматта жер сыйпагандай жоголуп кетти, өкүрүп-бакырып ыйлап, чийлердин арасын тинтип издеп жүрөм баягы немени, тапсам эле Аккулумду кайрып алчудай болуп. Далайга издедим эс-учумду жыя албай. Өөх... тапкан жокмун, табылмак беле... Көмкөрөмөн түшүп алып жер тытып боздоп аттым... «Аккулду мен алгам!» – дебедиби кокуй күн ай, кокуйгүн!

Көзүнөн сызылып чыккан жашты жоолугунун учу менен сүртүп коюп, үшкүрүнө сүйлөп отурган таенесин карап алып ошондо кыздын дене бою шуу эткен. Анда бу кыз он алтылар чамасында болчу. «Аииииий! Кантип коркпой артынан кубалады таенем? Андай көрүмчү кокус мага көрүнүп, мага сүйлөсө, ошол жерден жүрөгүм жарылып өлсөм керек...». Ушинтип ойлогон эле ичинен.

Андан бери канча суулар акты, ал ортодо таятасы да дүйнө салды. А кемпир «Аккулум, Аккулум...» деп ичтен



күйүп жүрүп, бетинин бир ыптасы кыйшайып, кыйшайган тейде кала берген. Дагы кудайга шүгүр, кыздары жашоо-турмушка бышык чыгып, энени биринен сала бири колдоруна алып бапестеп багып келет. Чүйдүн абасы жеңил деп көп учурда борбор калаадагы кыздарынын колунда. Багуусу го жакшы дечи. Бирок эненин ой-санаасынын баары айылда. Өлгөндөн калган жалгыз туягы, уулу тээ алыскы too этектеген айылда абышкасы экөө өмүр кечирген үйдүн түтүнүн булатып, коломтосунан от өчүрбөй, очор-бачар жашап жатканы эле эненин зор канието эле бул жалгандагы! Басып-туруп ошолордун амандыгын тилеп, тобо келтирип, «Жанкулумдан топурак буюрсун ылайым» дээр эле байма-бай. «Өзүңдү ая, жаныңды ая» деп акидей асылган кыздарына бой бербей, «кыздын төрүнөн уулдун улагасы артыкты» балп эте айтып, айылды көздөй жүрүп берер эле кээде эне. Жашырганда не, келини сүйүңкүрөбөй эле тосуп алчу кемпирди, ага деле кайыл, билмексен болуп, коломтомдун ээси деп сөз тийгизбей мактап, жалгыз уулдун караанынан канет алып, андан төрөлгөн неберелерине жалынып-жалбарып жүрө берип, бир күнү кайра сыркоолоп калганда, кыздарына телефон чалдырып, артынан келип борборго алып кетчү кыздарынын бири.

Кыздары дүнүйөгө карк, акчага туйтунган немелер болсо деле кээде энеге оюн-чындан таарынып, тамашага салып тийишип калат.

– Аай апа, жок дегенде бир айлык пенсияңызды бизге бөлүп берип койсоңуз боло айланайын? Эч нерсесин көрсөтпөй айылга эле сала бересиң, биз деле балаңбыз го акыры?

Эне моюн берчүбү, кайра каарып өтөт дакылдап-шакылдаган кыздарын.

– Ботом, силерге эмне кереги бар акчанын? Өзүңөрдүкү өзүңөргө жетмек түгүл ашып жатпайбы, акча деген айылга керек! Мал-жандын чөбү, отун-суу деген бар! Жанкулум жалгыз жанын карч уруп жүрсө... А көрөк силер деле жардам бергиле ошого!

– Каап! Кайра ушинтесиз да, апа! Жанкулуңуз эмне сиздин пенсияны эле карап калыппы! Кудайга шүгүр, мал-жандуу эле го?

– Мал-жандуу деп... Ошо мал-жанды бакканга да күч керек, малдын да малдай азабы болот ботом.

– Анын балдары деле тың чыгышпадыбы, алар сиздин биртике тыйынды карап калчу немелер эмес, апа. Бекер эле убайымдана бересиз. А көрөк чөнтөгүңөргө салып койсоңор деле, жок дегенде өзүңүзгө дем-күч болуп турат акча дегениң. Оюңуздун баары эле – айыл, ай тийсе деле Жанкулга тийсин, кокуй күн тийсе деле Жанкулга тийсин деп!

– Шүк ээ! Антчү эмес! Мен өлсөм силер эмес, ошол көмөт мени. Жанкулум көмөт! Ошондон топурак буюрсун кудайым.

Мындай сөз эненин акыркы бүтүмү экенин баары билип бүткөн, ушундан кийин бирдеме деп эле көр. Кыздар өз ара чогула калганда, эненин көзү мындай болору менен кемпирдин катуулугун, тоң моюндугун айтып бир эсе күлүп, бир эсе таңданып сөз кылат.

* * *

Түбү түшпөгөн арман дүнүйө десеңчи..! Эми минтип энени тээ калаадан бери уулунун жамандыгына алып



келди. Жолду ката аны-муну айтып алаксытып, анан дал үйүнө жетерде угузду. Угузуу ушунчалык оор болорбу?! Мынчалык азап болорбу. Чүкөдөй кемпир кучагында боздоп, арыда маркумдун жубайы, кыздары, эже-карындаштары боз үйдү башына көтөрө аза зыйнатын кылып ыйлап жатты. Таенесин көргөн сайын жашы отуздан ары ооп калса деле өзүн али кичинекей, али да небере сезип эркелей кетчү жээн кыз бир заматта, ушул азалуу күндүн тозоку саатында бир топ жашка чоңоё түшкөнүн сезди. Эс тарта түштү кадимкидей.

Таенесин көкүрөгүнө аяр кучактап, самсаалай түшкөн бубак чачтарын этият жыйнап, кудум кичинекей кызды сооротконсуп айланып-кагылып, кайра чыдабай өзү кошо ыйлап жатты аргасыз, эненин энелик күйүтүнө аралашып, жан-дили сыздайт. Ушундан бир топ күн илгери эле шаардан таежесинин үйүнө барган, атайын ушу кемпирге учурашып кетейин деп. Анда го бейпил күндөрдүн бири да, көптөн бери көрө элек таенесин эси ооп карап отурган, эси ооп карагыдай бар эле. Ак жайдын күнкү ысыкта башым үшүйт деп, ансыз да калың жоолуктун ортосуна ого бетер калың матаны коюп, ийне-жип менен колго тепчип-тепчип тигип, аябай калыңдатып башына салынып алыптыр, үстүнө кийген кат-кат калың жемпирлери, баарынан да шакектеричи! Адеп көргөндө таң калган, шакектерин ичке чүпүрөк менен тегерете кылдат ороп чыгыптыр да, ошол бойдон манжаларына кийип алыптыр.

– Бул эмне, таене? – деген өзүнчө бушаймандanып.

– Аа жерге кирсин, колума токтобой түшүп кетип жатпайбы шакектерим, ушинтип койсом ырас экен, жылмышып түшпөй калды.

– Аа...– деп оозун аңырдай ачып тим болду. Кайра кемпирдин манжаларын караса, чын эле шакек токточу түрү жок, илмейип ичке, бир укмуш кунары качып калган кези тура. «Ушу жашта эмне кыйналат шакек тагынып, өзү араң жүрсө, шакектерин алып нары түйүнчөгүнө эле түйүп койбойбу жарыктык!..» деген менен бир ою кайра каршы чыккан буга. «Балким карыса деле аялдык наркын коё бергиси келбей жаткандыр, кайдан билем, балким шакектер өзү үчүн оголе кымбаттыр». Кемпирдин жүзү да укмуш эле, майда-майда, тарам-тарам болуп, бармак басым да жер калбай тептегиз түшкөн тайыз-терең аралаш кыйма-чийме бырыштарды карап, колу менен сылап, кармап көрүп атып анда да бир ирет тээ тереңинен шүйкүмү качып, үрөйү учту эле.

– Айиииий! Карылык деген ушинтип келет турбайбы!!! Карылыктын кейпи ушундай экен го чиркин...

Андан кеткенден кийин да бир топ күн унута албай жүргөн ошол көрүнүштү. Эми болсо экөө кучакташып аза күтүп отурушат!

...– Ии, көрдүңбү арман кандай экенин? Кайгы кандай болорун? – деди Тагдыр дагы.

«О, Кудайым, таенеме өзүң кубат бере көр! Таенемди аяй көр» – деп ичинен тиленип, колунан келер эле болсо, мобу түйтөйгөн кемпирдин кара кайгысын орду-түбү менен жоготуп салгысы бар.

* * *

Сөөк коюлар күндүн таңында шумдуктуудай түш көрүп, түшүндө ыйлап жатып ойгонуп кетти, өзүнө келсе чындап эле өпкө-өпкөсүнө батпай көнөктөп ыйлап алган экен өңүндө деле, жүрөгү кысылып, акактап калып-



тыр. Эсин жыя албай бир топко отурду эңгиреп. Боз үй тарапка баруудан ичиркенип турду, бечара кемпир кандай абалда отурду экен! ...Канчалык заарканганы менен болбой акыры турат да, барат да акыры. Тирүүлүктүн түйшүгү бүтмөк беле! Ордунан араң козголуп, бети-башын муздак сууга чайып алып, боз үйгө баш бакса, баары кыркаар тартып тизилип отурган экен, үн чыгарып бүткөн шекилдүү. Өзүнө окшогон эки-үч жээн кыздар менен катар таенесине жакын барып, чөк түшүп отуруп калды да, кирпик алдынан уурдана көз чаптырды таенесине. «Кантип калды экен бечарам, такыр эле мөгдөп калды го каап...». Бирок таенеси бүгүн түзүк экен, тек гана тагдырына биротоло баш ийгенсип, бет алдын жансыз тиктеп мелтирейт, түшүнүксүз бирдемелерди угулар-угулмаксан күбүрөнүп, шыпшынып коёт өзүнчө. Жакындап барып кемпирдин колдорун кармап, кош колдоп бетине басты. Мупмуздак!!! «Байкушум, жүрөгү муздап калган бейм» деген туюм аралап өттү бүткүл тула боюн. Таене акырын үн катты буга:

– Тур, тура гой, сыртка чыгып таекеңдин зыйнатына туруп, кызматыңарды кылгыла, акыркы кызматыңарды кылгыла таекеңе... Эл көп... Кол жетишпей аткан чыгар тышта. Өөөөүүүх!

Өөх.. ! – деп ийди бу да ичинен. Кариет. Таенеси али да кайратынан тая элек экен. Кайран киши. Жээндер жыла басып, ээрчише чыгып кетишти тышка.

* * *

Сөөктү алып жөнөгөндө бир зыркырап, сыздап алды кургур эне, «Кагылайыны-ыыым! Кечтим сүтүмдү, кечтиии-им! Алдыңа эле кетсемчии-ии мен бейбак! Оо, ала

жаа-ат айланайыным, ала кет! Ушул күндү көрбөй өлсөмчү кокуууй!!!». Дагы эле мүдүрүлүп-чалынып, көпчүлүктүн күүсү менен таенесинин жанында жүрүптүр байкаса, ар ким өзү менен алек, өз арманы, өз жоготуусу, кайгысы менен алек болгон бул саатта дагы эле кемпирдин жанында экен чебелектеп. Кемпирдин күйүтү буга да өтмө катарынан өтүп кетти капырай...

Баары бүттү! Бир гана энени н өксүгөнү токтобой жатты, көпчүлүк көрүнгөндү сүйлөп, шыпшынып, биринин сөзүн бири кубаттай баш ийкеп, бир түрлүү карашат боз үй жакты. Ар кандай күбүр-шыбырды эшите берип жадаганбы, кемпирдин небереси, маркумдун жыйырма бештерден өтүп калган уулу ушунда бир мыкты кеп айтты. Жараган кеп болду мунусу. Атайы көпчүлүккө угуза бакбак сүйлөдү:

– Эне! Болду ыйлаба эне! Ар ким кудайдын насип эткен жашын жашайт! Сиз эмне, атамдын жашын тартып алып жашап жаттыңыз беле?! Кудай берген өз жашыңызды жашап жатасыз. Атам да кудай буюрган өз жашын жашады. Атамдан топурак буюрбаса, мына бизден буюрсун, ыйлаба, эне! Турабыз го биз!

Ушунда бир ыраазы болду көпчүлүк. Кемпир да кайратына келе түштү кадимкидей. Каниеттене түштү, айтса-айтпаса төгүнбү. Жалгызынын артында алда-немедей акыл-эстүү эки уул калды, кудайдын мунусуна да шүгүр...

* * *

Түн ката жол жүрдү, ой-санаа бүтпөйт деги, кетеринде коштошоюн деп таенесине кирсе, кемпир эч кимге, эч нерсеге көңүл бурбай, өзү менен өзү болуп, күңгүрөнүп отурган экен, «Аа кагылайыным аа, сүтүмдү кечтим, кечтим сүтүмдөн, кечтим... Кулунума өз мээримиңди төгө көр, өз ырайымыңа ала көр... Алыс эмес, алыс эмес, аз калды, аманат жанды тапшырам өзүңө, аманат жанды тапшырам, Жаратканым». Кемпир сыртынан караган жанга токтоо, сабырдуу көрүнөт. Мунун кирип-чыкканын деле этибар албады.

Жол. Жолдой чубалжыган ой...

– Көрдүңбүү-үү? – дейт карт Тагдыр кайра эле шуу үшкүрүнүп.

– Өөөх... – дейт аял, алкымын буүп келип, карегине чайый түшкөн көз жашын моюн орогучунун бир учу менен улам аарчый, жүз аарчысы жүз аарчы болбой калыптыр тим эле!

– Эми көзүңдү чоң ачып жүр. Тим эле бүткүл дүйнөнүн арман-кайгысын өзүңө менчиктеп ала жаздадың эле го, өз күйүтүңдөн өзүңдүн башың чыкпай... Сендеги арман элде жоксунуп... Баарында баа-ар, сеники сыяктуу арман сөрөй!

– Обу жок экемин. Кайдагы бир көр дүйнөнүн ташпиши, майда-барат көңүл калуу, дайыны жок дейди сүйүү, таарыныч, ыза, ый. Түү! Болбогон нерселер... Шоона эшпей калды!

– ...?

– Ооба, бейжаймын. Эсим да жок. Жаркыраган жашоомдун жарыгын жандыра албаган өзүмчүлмүн. Эркелеймин даа-а... Аманчылык менен бейпил жашоого эркелеймин эбимди таппай... Кечир Тагдыр, кечир.

Таң атардагы көргөн шумдук түшүн эстеп ичиркенип алды, анан кол телефонун алып, тээ алыскы сапарда жүргөн өмүрлүк жолдошуна кыска билдирүү жазды вотсаптан... «Сени сагындым, жаным. Аябай сагындым... Жакшы көрөм! Сен жакшысың!»

Өмүрү минтип жылуу сөзүн айтчу эмес, калп айткым келбейт, алдагым келбейт» дечү эле өзүнө-өзү актанып. Бирок бул жолу да калп айткан жок, чын дилинен жазды ушунун баарын. Өзү тараптан болгон жаман-жакшынын баарына түтө билген, болпойгон ыйманы ысык өмүрлүк жолдошун азыр чын эле сагынып, жанында болушун самап кетти. Кудайдын куттуу күнү өзү жашаган, шаар четиндеги тыпыйган, татына үйүн, анда азыр өзүн күтүп жаткан мөлтүр көз наристелерин сагынды! Кечээги, мурда күнкү сагыныч менен эмес, өтө эле көп жылдык сагыныч менен сагынды алардын баарын. Көп жылдан бери үйүнө эми кайтып бараткандай сезилди ушул жолку кайтуусу. Далай жыл чогуу жашаган ырлуу-чырлуу турмуш арасында, жалаң өзү жөнүндө өтө көп ойлоп, өзүнүн сезимдери, карама-каршылыктары, ички дүйнөсүнөн башы чыкпай жашап жүрө берип бала сагынуу, жар сагынуу дегенди да унуткан экен. Жүрөгү делбиреп учуп баратты үйүн көздөй. Эми өлгүсү келбей калды...



## ЭСКИ КЕРЕБЕТ

– Муну эмне кор кылып мал короого коюп салгансың? Кереги жок болсо үйгө эле алып кетем! Бул деген улуу кайнагаң менен тең буюм, муну ошол төрөлгөндө сатып алгам!

Кемпир ичи ачыша сүйлөнүп, келинине наразы боло күңкүлдөп, короонун бир бурчундагы дат баса түшкөн эски темир керебетти кармалап атты. Чыны менен ичи ачышты, алып кетип калбасабы!

Келин өзүнчө мурчуя түштү. «Кара муну... жада калса болбогон бир эски керебетин да бергиси келбей! Жөн кой, бербей коёюн да... Жайында үстүнө курут жайып кургатса болот да буга!».

– Жоо апа, ал мага керек, жакында үйдүн ичин ремонттогон атам, ошого карап чыгарып койгон элем да! Бул керебет мага аябай керек – дегени менен ичинен башканы ойлоп атты. «Мунун эмнесин үйгө алып кирмек элем, үйдө буга орун да жок...».

– Ии, алып киресиңби үйгө?.. – кемпир үмүттөнө сурады.

– Ооба, апа, эртең эле...

Бирок эртең эмес, эки жума өтсө да керебет үйгө киргизилген жок. Кемпир келининин үйүнө канча жолу келсе, керебет ошончо жолу короодо дат басып турду. Ичи тутпөйт же келининин бетине айта албайт. Бир күнү

«эмне болсоң, ошол бол» деп келин жумушта жүргөн кезинде керебетти айтпай-дебей арабага салып үйүнө сүйрөп кетти. Баарынан кызыгы, келин жумуштан келгенден кийин деле, андан кийинки күндөрдө деле мал короонун бир бурчунда турган эски керебеттин бар-жогун элес алган жок.

Анткен менен кемпир алып келген чоң үйдө да керебетти сыйлуу орун күтүп турбаптыр. Ушунун айынан үйдөгү келин-уулу менен бир топ талашып-тартышты, аягында уулу бул эски керебетти курулуш үчүн шагыл, кум элегенге эң ылайыктуу буюм деп тапты да, ага чейин дагы бир керекке жарай турсун деп огороддун четин тоскон кашаага кошуп чырмап байлап салды. Мына сага! Тосмо болбосоң коё кал!

Келин-уулунун керебет тууралуу чыгарган бүтүмүнө кемпир өз ичинен аябай жапа чегип жүрдү. Ошол эски керебет менен кошо өзүнүн энелик кадыры, сыйы кошо чырмалып калгансып эле, тосмого байланган керебетти көргөн сайын кыжалат боло берет. Көргөн сайын бушайман! Деги эле ушул үй курулганы бушайман... Бала-чакасы баарылап кеңешкен да, эненин илгертен бери сонун колдонуп келе жаткан эмеректерин эски сарайга тыгып салышып, дүнүйөсү ашынып тургансып баарын кайра баштан жапжаңы сатып келип коюшту. Жаңы болбой курусун! «Ага тийбе... муну кармаба... ал эскирип калат... тиги бөлмөгө кирбе!» деп атып бала-чаканы да кууратып ийишти го. Бала-чака эмне болуп калыптыр, кээде кемпир деле өзүн коомай сезип, кандайдыр бөлөк бирөөнүн үйүндө жүргөнсүйт. Бирок тиги керебет эне каалап аткан соң үйгө киргизилиши керек эле го? Бу кандай... Көп деле нерсе каалаган жок эле го?



Кемпирдин наразылыгы күчөгөндөн күчөй берди. Бара-бара ич күптүсүн капкайдагы бир казан-аяктан чыгарчу болду. Туруп-туруп эле калдырттай түшөт. Бирок керебет тууралуу ооз ачпайт. Калп айткан менен болобу, келини экөөнүн арасы муздай түштү. Шылтоо болсо эле серпилишип, бири-бирине зирпилдей түшөт. Мындайда жазыксыз өзүн ойлоп, келин чындап наразы. Уулунун да аргасы кетти, эки бирдей жанындай көргөн адамдарынын кимисин тыярын билбейт. Далай ирет: «Теңелбечи эми, сен унчукпай кой, ал биздин эне го...» деп айтып көрдү. Муюп эле калгансыйт да, бир күнү кайра башталат...

А сөз кылынбаган, эстелбеген эски керебет дагы эле тосмого бек чырмалып турат.

Каап, болбоду, акыры чындап эле чоң жаңжал чыкса болобу! Чыкканда да болбогон бирдемеден чыкты.

– Муну жөн эле койсоңуз болмок, ары-бери жылдырбай... – сөз ашканадагы чай ичилчү чоң стол жана отургучтар тууралуу болуп жаткан.

– Эмнеге жөн коём? Ушундай турганы оң болуп атпайбы, кенен болуп.

– Ары-бери басканга жолтоо кылып... Так ортого коюп алган кантип болсун!

– Ай келин, сен эмине ыя!? Өз үйүмдөгү оокаттарды өзүм кармай аламбы же жокпу?!

– Мен үйүңүздү талашып аткан жерим жок, болгону тоурасын айттым!!!

Кудай бетин салба! Жаңжалдын аягы күчөгөндөн күчөп, ачуу аралаш капкайдагы кептин баары сүйлөнүп калды. Айтылбачу сөз айтылды! Аягы келиндин кетиши менен бүтмөй болду. Кеткенде да «келбейм» деп чекит

коюп, анан кетти. Алмончоктой жарын, балдарын кыя албай, энесин айылдагы эркек бир тууганына бек табыштап алып, ичинен түтөп, артынан уулу да кетти.

А кемпир кээ бир түндөрдө санаага батып уктабай чыкчу болду. Ушуну каалаган эмес эле го! Кантип ушуга жетишти? Каап... Бирок сыртынан сыр бербей зымырая, унчукпай, тез эле үй ичин колго алды. Өзүнүн сарайда жаткан эски эмеректерин жууп-тазалап үй ичине коё баштады.

Кийинчерээк өз үйүнө кулпу илип коюп, кемпирдин жанына баягы билип-билбей керебет талашкан келини көчүп келди, анткени айылда эненин кеткен уул-келининен бөлөк каранар-карманар дагы бир уул-келини ушулар эле. Эл-журттан уялышты окшойт сыягы.

Күндүн үчтөн экисин ишинде өткөрүп, ушу келиндин тирилик менен анча деле алакасы жок экен. «Тобоо... Башынан эле ушундай болчу. Мейличи...» – дейт кайра. Айтор эмнеси болсо да, кемпир ушул күндөрү үй ишине баш-оту менен киришип, кайраты ашып, аябай жигердүү аракетте жүрдү. Жанындагы келинге сарайдан илгерки үкөгүн тышка чыгартып, жуудуртуп, тазалатып, келиштире сырдатты да, кургаган соң үйгө киргизди.

Оо илгери, эч кимде мындай буюм жок кезде күйөөсү экөө ушуну сатып алышканын эстеди. Кошуналары буларга суктанышкан!

Эмки кезек баягы керебетке келди. Бирок негедир ошону үйгө алып кирүү тууралуу айтууга батынбай туруп алды. Анан мобу келиндин жумушка кетишин күттү. Кетсин...



* * *

– Көрдүңбү?

Келин иштен келгенде кайненесинин көздөрү бир башкача күлмүңдөп, чай ичип отурган экен. Түшүнө берген жок.

– Эмнени, апа?

– Жүктү.

– Кайсы жүк?

– Карап көрсөң барып, тиги мейман бөлмөдө...

Келип иштин чоо-жайын көргөн келин адегенде жаны кашайды, көргөнү бир укмуштай иренжитип да жиберди. Бирок бир топко ойлонгон соң унчукпай ичтен тынып тим болду. Конок бөлмөнүн бир капшытында баягы керебет турат да, үстүндө үйдөгү болгон-бүткөн жууркан аттуулары ирети менен жыйылып, аз келгенсип бажырайган гүлдөрү бар кооз кездеме менен жабууланыптыр! Эми эмне кылмак эле... Мейли, тура турсунчу азырынча, майрыйса деле. Бир күнү күйөөсүнө айтып туруп эшикке чыгарып салат да...

Күндөр өтүп атты. Тиги келин адатынча өз дүйнөсүнүн түмөн түйшүгүнө берилип, кайра эле керебет тууралуу унутуп койду. Керебеттин багы эми чындап ачылды белем, үстүндөгү жүк-мүгү менен ар кайсы бөлмөлөрдө тез-тез ордун алмаштырып жүрдү. Ал түгүл бир күнү үйдүн экинчи кабатына чыккан келин бир бөлмөдө баягы керебет жүк-мүгү менен турганын көрдү. Ушунда бир кызык абалга кептеле түштү да, эми керебетти эшикке чыгарып салуу тууралуу сөз кылууга да болбосун түшүндү. Түңүлдү! «Кудайга тобо! Деги биздин уктоочу бөлмөгө алып кирбесе болду...» деп койду ичинен.

Арадан бир далай айлар өтүп кетиптир, күндөрдүн биринде көчөдөн жаңы келген келин көргөн көзүнө ишенбей, кайра бир карап алды. Үйдөгү баягы керебет сыртка чыгарылып, дубалдын түбүнө коюлуп калыптыр. «Эмне болду?! Бирдеме болгонбу... Же бирөө келдиби?». Шашып, үй ичин карай тез-тез адымдады. Жок. Тынччылык эле окшойт. Эне эпилдеп камыр ийлеп атыптыр... Келин көөнү жайлана түшкөнү менен, керебет тууралуу ооз ачып сураган да жок. Өзүнчө мулуңдап кубанып алды.



## Мазмуну

Актриса ........ 3
Бөлмө ........ 13
Кайырчынын майрамы ........ 19
Күтүүнүн акыркы күнү ........ 25
Кызгылтым дүйнө ........ 38
Таш ташыган карыя ........ 49
Төрт бурчтук бакыт ........ 63
Шаарчадагы жаз ........ 81
Шоола ........ 94
Эски керебет ........ 105

**Махабат Саидрахманова**

**ШААРЧАДАГЫ ЖАЗ**

*Аңгемелер*

Редактору *Н. Калыбеков*
Корректору *Ж. Кадыров*
Дизайнери *М. Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Г. Ниязалиева*

Басууга 06.03.2024-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x80 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 7,0 б.т. Нускасы 1000.

«Улуу Тоолор» басмасы.
Бишкек ш., А.Үсөнбаев көчөсү, 149.
Тел.: 0772 347028, 0705 347028.



**Махабат Саидрахманова,** жазуучу. 1983-жылы Ош облусунун Кара-Суу районунун "Правда" айылында жарыкка келген. 2005-жылы Бишкек шаарындагы И.Арабаев атындагы КМУнун филология факультетин аяктаган. 2008-2021-жылдар аралыгында билим берүү тармагында окутуучу болуп иштеген. 2021-жылдан бери карай "Кыргыз Туусу", "Эркин-Тоо" гезиттеринде журналист болуп эмгектенип келе жатат. Проза жанрына көп кайрылып, бир нече аңгеме, новеллаларын жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу окурмандарына сунуштаган. "Шоола" аттуу аңгемеси ТҮРКСОЙ эл аралык уюмунун "Махмуд Кашгари" сыйлыгына татыган.